**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2013-жылдын II чейреги үчүн

**Июль 2013**

**Бишкек**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

**Редакциялык кеңеш:**

Төрага: Абдыбалы тегин С.
Кеңештин мүчөлөрү: Урустемов С.А.
Исакова Г.А.
Бердигулова А.Р.
Жооптуу катчы: Айдарова А.К.

Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-51 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы
aaidarova@nbkr.kg электрондук дареги боюнча кайрылсаңыздар болот.

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 66-90-09 телефону,
(996312) 61-07-30 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.кg

Басылма, республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын чагылдырылышын жана инфляциянын негизги факторлорун иликтөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагындагы чечимдери жөнүндө маалыматты камтыйт жана анда келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2013-жылдын 31-июлу.

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Адилет Министрлигинде каттоодон өткөртүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 628-номериндеги күбөлүккө ээ.
«Издательский дом «Позитив» ЖЧК басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2013-жыл.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

# Мазмуну

**1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ.................4**

1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш .................4

1.1.1. Суроо-талап.......................................................................................................4

1.1.2. Сунуш ..............................................................................................................7

1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар ..........................................................8

1.3. Тышкы экономикалык шарттар.........................................................................13

1.4 Алмашуу курсу ......................................................................................................15

**2-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР.........................................................17**

2.1. Керектөө баа индексинин динамикасын талдап-иликтөөлөр..........................................17

2.2. Азык-түлүк товарларына баа динамикасы.......................................................................17

2.3. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы .........................................................18

2.4. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы............................................................................20

2.5. Аймактарда керектөө баа динамикасы.............................................................................20

2.6. Базалык инфляция ..............................................................................................................22

**3-ГЛАВА. ДҮЙНӨЛҮК ТОВАРДЫК-СЫРЬЕЛУК РЫНОКТОРГО БАЯНДАМА........23**

3.1. Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторго баяндама ...................................................................23

3.2. Дүйнөлүк энергопродукциялар рыногуна баяндама .......................................................23

**4-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРИ**.........................25

4.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери.........................................................25

4.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери .....................................26

**5-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ КӨРСӨТКҮЧҮН БОЛЖОЛДООЛОР.........................................27**

5.1. Инфляцияга таасир эткен негизги факторлордун өзгөрүүсүнө болжолдоолор .............27

5.2. 2013-жылга инфляцияны болжолдоолор .........................................................................29

**СТАТИСТИКАЛЫК ТИРКЕМЕ ..........................................................................................31**

**ГЛОССАРИЙ ..........................................................................................................................35**

**КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ ....................................................................38**

# 1-глава. Кыргыз Республикасындагы экономикалык абал


## 1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш

### 1.1.1. Суроо-талап

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча 2013-жылдын январь-июнь айларында ИДӨнүн номиналдуу көлөмү 2012-жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда реалдуу мааниде алганда 7,9 пайызга көбөйүү менен 133,9 млрд. сомду түзгөн, ошол эле учурда 2012-жылдын январь-июнь айларында ИДӨ көлөмү 6,9 пайызга төмөндөгөн. «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, 2013-жылдын январь-июнь айларында ИДӨ көлөмү 5,5 пайызга өскөн (өткөн жылдын ушул эле мезгил аралыгында өсүш 3,4 пайызды түзгөн). ИДӨ дефлятору 2012-жылдын январь-июнь айларындагы 12,7 пайызга каршы 4,6 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

2013-жылдын биринчи чейрегинде 2012-жылдын биринчи чейрегине салыштырмалуу ички суроо-талап (түпкү керектөөгө жана дүңүнөн топтоого чыгашалардын суммасы), үй чарбалардын түпкү керектөө чыгашаларынын 10,4 пайызга көбөйүүсүнүн жана материалдык жүгүртүү каражаттар запасынын 7,4 пайызга оң өзгөрүүсүнүн эсебинен, 8,1 пайызга көбөйгөн.

**1.1.1-сүрөт. ИДӨ-нүн жана акча которууларынын өзгөрөгүү динамикасы**
*(бир мезгил ичинде)*




2013-жылдын январь-июнь айларында акча которуу системалары боюнча жеке адамдардын акча каражаттарынын агылып кирүүлөрүнүн көлөмү өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 14,3 пайызга жогору болгон, ошол эле учурда өсүш арымы төмөндөөсүн улантууда. Россия экономикасынын өсүшүнө басым көрсөткөн дүйнөлүк экономиканын басаңдашы, Кыргызстанга акча которуулардын өсүш арымынын төмөндөшүн шарттоодо. 2013-жылдын январь-июнь айлары ичинде акча которуулардын таза агылып кирүүсү 10,0 пайызга көбөйүү менен 825,0 млн. АКШ долларын түзгөн, ошол эле мезгилде 2012-жылдын биринчи жарым жылдыгында өсүш 15,3 пайыз чегинде катталган эле. Акча которуулардын негизги үлүшү (99,0 пайыз) КМШ өлкөлөрүнөн которууларга туура келүүдө, анын ичинде Россиядан – 97,8 пайыз, Казакстандан - 1,2 пайыз жана алыскы чет өлкөлөрдөн - 1,0 пайыз.

МАЗМУНУ

**1.1.1-таблица. Кыргыз Республикасынын жеке адамдарынын которуу системалары боюнча акча которуулары***

*(млн. АКШ долл.)*

| | 2010 | 2011 | 2012 | январь-июнь 2012 | январь-июнь 2013** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Сальдо** | **1 124,9** | **1 505,4** | **1 768,5** | **750,1** | **825,0** |
| **Агылып кирүүлөр** | **1 252,6** | **1 695,4** | **2 017,9** | **862,2** | **985,2** |
| КМШ өлкөлөрү | 1 199,3 | 1 639,4 | 1 980,4 | 843,4 | 975,3 |
| Казакстан | 35,0 | 41,2 | 33,8 | 16,1 | 11,7 |
| Россия | 1 164,3 | 1 597,5 | 1 946,2 | 827,2 | 963,4 |
| Башка өлкөлөр | 0,0 | 0,7 | 0,5 | 0,1 | 0,2 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 53,3 | 56,0 | 37,5 | 18,8 | 10,2 |
| Бельгия | 0,2 | 1,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Улуу Британия | 1,4 | 1,5 | 1,2 | 0,6 | 0,6 |
| Германия | 9,9 | 15,7 | 9,5 | 3,5 | 1,8 |
| АКШ | 41,7 | 36,1 | 25,0 | 14,2 | 6,9 |
| Башка өлкөлөр | 0,1 | 1,3 | 1,8 | 0,5 | 0,9 |
| **Агылып чыгуулар** | **127,6** | **190,1** | **249,4** | **112,1** | **160,3** |
| КМШ өлкөлөрү | 125,8 | 185,8 | 243,8 | 109,3 | 158,8 |
| Казакстан | 0,4 | 0,7 | 0,6 | 0,4 | 0,2 |
| Россия | 125,4 | 184,9 | 242,8 | 108,8 | 157,5 |
| Башка өлкөлөр | 0,0 | 0,3 | 0,4 | 0,1 | 1,0 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 1,8 | 4,3 | 5,6 | 2,9 | 2,8 |
| Бельгия | 0,5 | 0,6 | 0,3 | 0,1 | 0,2 |
| Германия | 0,3 | 1,4 | 1,4 | 0,6 | 0,2 |
| АКШ | 0,9 | 2,0 | 2,5 | 1,6 | 2,0 |
| Башка өлкөлөр | 0,2 | 0,3 | 1,4 | 0,5 | 0,5 |

* - Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Быстрая почта, Аллюр жана башка которуу системалары, ошондой эле "Кыргызпочтасы" мамлекеттик ишканасы аркылуу

**Алдын ала алынган маалыматтар

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын ала маалыматтары боюнча, 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгында мамлекеттик бюджет тартыштыгы 1,4 млрд. сомду же ИДӨгө карата 1,0 пайызды түзгөн (2012-жылдын ушул эле мезгилинде – ИДӨгө карата 3,3 пайыз).


Финансылык эмес активдерди сатуудан кирешелерди кошо алганда, мамлекеттик бюджеттин жалпы кирешеси, өткөн жылдын биринчи жарым жылдыгындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 14,8 пайызга же 6,0 млрд. сомго көбөйүү менен 46,8 млрд. сомду (ИДӨгө карата 35,0 пайыз) түзгөн. Операциялык ишкердиктен кирешелер 46,7 млрд. сомду же ИДӨгө карата 34,9 пайызды түзгөн. Операциялык ишкердиктин өсүшүнө кыйла олуттуу салымды салыктык кирешелер (7,4 п.п.) кошуп, алынган расмий трансферттер салымы 4,0 п.п., ал эми салыктык эмес кирешелерден салым – 3,7 п.п. түзгөн.

Финансылык эмес активдерди сатып алууга чыгашаларды кошо алганда, мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашасы, өткөн жылдын январь-июнь айларындагы көрсөткүчкө караганда 7,8 пайызга же 3,5 млрд. сомго көбөйүү менен 48,2 млрд. сомду же ИДӨгө карата 36,0 пайызды түзгөн.

Операциялык ишкердикке чыгашалар 45,2 млрд. сом же ИДӨгө карата 33,8 пайыз чегинде калыптанган. Экономикалык классификация боюнча чыгашалар түзүмүндө, күндөлүк керектөөгө багытталган чыгашалардын жогорку үлүшү сакталып турууда. Байкоого алынган мезгил аралыгында, негизинен пенсиянын базалык бөлүгүн, ошондой эле аз камсыздалган үй-бүлөлөргө жөлөк пулдарды төлөөгө кеткен чыгашалардын өсүшүнүн эсебинен, субсидияларды жана социалдык жөлөк пулдарды төлөөгө кеткен чыгашалар үлүшүнүн 2,3 пайыздык пунктка көбөйүүсү байкалууда.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусунун алдын ала маалыматтары боюнча, Социалдык фонд бюджетинин профицити - 0,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,3 пайызды, кирешелер – 16,3 млрд. сомду же ИДӨгө карата 12,2 пайызды, чыгашалар – 15,9 млрд. сомду же ИДӨгө карата 11,9 пайызды түзгөн.

**1.1.2-сүрөт. Мамалекеттик бюджеттин аткарылышы**
*(бир мезгил ичинде)*




2013-жылдын январь-июнь айларында негизги капиталга инвестициялар өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 6,1 пайызга өскөн (салыштырма бааларда). Кароого алынган мезгил ичинде инвестициялардын тармактык түзүмүндө алардын негизги үлүшү тоо кендерин казып алуу өнөр жайына (26,5 пайыз), иштеп чыгаруу өнөр жайына (17,4 пайыз), транспорт жана байланышка (8,2 пайыз) туура келген. Мында, тоо кендерин казып алуу өнөр жай ишканаларынын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен (94,1 пайыз), ошондой эле тике чет өлкө инвестициялар каражаттарынын эсебинен (5,9 пайыз) каржылоого алынган. 2012-жылдын январь-июнь айларына караганда иштеп чыгаруу өнөр жайында инвестицияларды өздөштүрүү көлөмү, чет өлкө кредиттеринин (79,6 пайыз) жана ишканалар менен уюмдардын каражаттарынын (12,8 пайыз) эсебинен 2,2 эсеге көбөйгөн. Бул тармакта инвестициялардын көбөйүүсү негизинен, Кара-Балта мунай иштетүү заводун курууга жана аны ишке киргизүүгө каражаттарды тартуу менен шартталган.

Транспорт жана байланыш объекттерин куруу иштерин каржылоо, негизинен, ишканалар жана уюмдардын каражаттарынын (45,6 пайыз), чет өлкө кредиттеринин (22,9 пайыз), республикалык бюджеттин (13,9 пайыз), чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардамдардын (8,9 пайыз) эсебинен ишке ашырылган.

МАЗМУНУ

### 1.1.2-таблица. Негизги капиталга каржылоо булактары боюнча инвестициялоолор

| | январь-июнь 2012 | январь-июнь 2013 | январь-июнь 2013 | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы, *млн.сом* | | үлүшү, *пайыздар* | реалдуу өсүш арымы[1], *пайыздар* |
| **Бардыгы болуп** | **18 301,0** | **20 002,8** | **100,0** | **106,1** |
| **Ички инвестициялар** | **14 520,4** | **15 244,1** | **76,2** | **101,9** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдарга каражаттарды кошо алганда) | 567,0 | 586,2 | 2,9 | 100,3 |
| Жергиликтүү бюджет | 144,4 | 129,7 | 0,6 | 87,2 |
| Ишкана жана уюмдардын каражаттары | 8 093,9 | 7 614,6 | 38,1 | 91,3 |
| Банктын кредити | 171,5 | 138,9 | 0,7 | 79,1 |
| Калктын каражаттары | 5 543,6 | 6 774,7 | 33,9 | 118,6 |
| **Тышкы инвестициялар** | **3 780,6** | **4 758,7** | **23,8** | **122,2** |
| Чет өлкө кредити | 1 383,6 | 3 563,0 | 17,8 | 2,5 эсеге |
| Тике чет өлкө инвестициялары | 1 605,4 | 610,7 | 3,1 | 36,9 |
| Чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам | 791,6 | 585,0 | 2,9 | 71,8 |

*Булагы: Улуттук статистика комитети*

[1]*Арымдар салыштырма бааларда эсептелинген*

## 1.1.2. Сунуш

Кароого алынган мезгил аралыгында ИДӨнүн түптөлүшүнө негизги салымды, «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүш көлөмүн калыбына келтирүүнүн натыйжасында кайра иштетүү өнөр жай ишканалары (3,1 п.п.), соода (1,3 п.п.), транспорт жана байланыш (1,3 п.п.) кошкон. 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр сунушунун чогуу алгандагы көлөмү, негизинен өлкө ичинде инвестициялык ишкердикти активдештирүүнүн эсебинен, кайра иштетүү өнөр жай өндүрүшүнүн 25,5 пайызга, курулуштун 15,0 пайызга жана транспорт менен байланыштын 12,3 пайызга өсүшү менен камсыз болгон. Мында, 2013-жылдын январь-июнь айларында ИДӨнүн өсүшүнө терс салымды өндүрүш көлөмүнүн 0,7 пайызга азайуусу менен өндүрүш жана электр энергиясын, газды жана сууну бөлүштүрүү (-0,03 п.п.) секторлору кошкон, бул электр энергиясын иштеп чыгаруунун 4,5 пайызга кыскарышы жана аны бөлүштүрүү боюнча кызмат көрсөтүү көлөмүнүн 4,0 пайызга азайуусу менен шартталган. Ошол эле учурда, товарларды жана кызматтарды сунуштоонун чогуу алгандагы түзүмүндө кароого алынып жаткан жылдын январь-июнь айлары ичинде анчалык өзгөрүүлөр болгон эмес.

### 1.1.3-таблица. Ишкердиктин айрым түрлөрүнүн ИДӨнүн өсүшүнө/төмөндөшүнө салымы
*(пайыздар)*

| | Салыштырма салмак январь-июнь | | Өсүш арымы январь-июнь | | Өсүшкө салым январь-июнь | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2012 -ж.** | **2013-ж.** | **2012 -ж.** | **2013-ж.** | **2012 -ж.** | **2013-ж.** |
| Айыл чарба, мергенчилик жана токой чарбасы | 12,4 | 11,1 | 1,4 | 1,9 | 0,1 | 0,2 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 1,0 | 0,9 | 21,1 | 3,4 | 0,2 | 0,0 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 12,2 | 13,4 | -42,2 | 25,5 | -9,3 | 3,1 |
| анын ичинде "Кумтөр" | 6,0 | 7,3 | -64,2 | 45,9 | -9,8 | 2,8 |
| Электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 4,0 | 3,1 | 13,5 | -0,7 | 0,6 | -0,03 |
| Курулуш | 4,1 | 4,4 | 7,7 | 15,0 | 0,3 | 0,6 |
| Соода, автоунааны ремонттоо | 15,7 | 16,1 | 7,5 | 8,5 | 1,1 | 1,3 |
| Транспорт жана байланыш | 10,2 | 10,6 | 8,0 | 12,3 | 0,8 | 1,3 |
| Башкалар | 26,1 | 25,0 | 1,0 | 1,0 | 0,2 | 0,3 |
| Продукттарга таза салыктар | 14,3 | 15,4 | -6,9 | 7,9 | -0,8 | 1,1 |
| **ИДӨ** | **100,0** | **100,0** | **-6,9** | **7,9** | **-6,9** | **7,9** |
| **"Кумтөрдү" эске албаганда ИДӨ** | | | **3,4** | **5,5** | **2,9** | **5,2** |

*Булагы:УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*



МАЗМУНУ

2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекси 2012-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, 18,4 пайызга өскөн (2012-жылдын январь-июнь айларында төмөндөө 30,9 пайызды түзгөн эле). Бул өсүш негизинен, кайра иштетүү өнөр жайында өндүрүш көлөмүнүн көбөйүүсү (25,5 пайызга), анын ичинде металлургиялык өндүрүштүн жана даяр металл буюмдарын жасоо (1,5 эсеге), башка металл эмес минералдык продукттарды өндүрүү (45,3 пайыз), жыгачты иштетүү жана жыгачтан буюмдарды жасап чыгаруу (29,0 пайыз) менен шартталган. «Кумтөр» алтын кенин казып алуу боюнча ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекси 3,2 пайыз деңгээлинде белгиленген, мында 2012-жылдын ушул мезгилиндеги көрсөткүч 10,0 пайызга өскөн. Ошол эле мезгилде, текстиль жана тигүү өндүрүшүндө эки чейрек катары менен төмөндөө уланып келүүдө, бул төмөндөө ишканалардын иштебей калышына таасирин тийгизген буйрутмалардын жоктугунан улам өндүрүштүн айрым бир түрлөрүнүн сезондук мүнөзү менен шартталган.

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде айыл чарбасында физикалык көлөм индексинин 1,9 пайызга өсүшү белгиленген (өткөн жылдын январь-июнь айларында өсүш 1,4 пайызды түзгөн эле). Айыл чарба продукциясын дүңүнөн чыгаруу көлөмүнүн өсүшү, негизинен, мал чарбачылыгындагы өндүрүштүн өсүшү, ошондой эле өтүп жаткан жылы картошка, жашылча жана дан эгиндер түшүмүн жыйноо менен шартталган.

2013-жылдын январь-июнь айлары ичинде соода операцияларын дүңүнөн жүгүртүү 125,3 млрд. сомду түзгөн, мында соода операциялар көлөмү өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда реалдуу мааниде алганда 8,1 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча соода көлөмүнүн өсүшү 8,6 пайызды түзгөн эле).

**1.1.4.-таблица. Соода операцияларын дүңүнөн жүгүртүү динамикасы жана түзүмү**

| | **январь-июнь 2012** | | **январь-июнь 2013** | |
|---|---|---|---|---|
| | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Соода** | **100,0** | **108,6** | **100,0** | **108,1** |
| Авто жана мото техникаларын, алардын тетиктерин сатуу | 2,8 | 104,6 | 2,6 | 103,9 |
| Автоунааларды техникалык тейлөө жана ремонттоо | 0,5 | 97,6 | 0,5 | 104,3 |
| Дүң соода | 32,0 | 108,6 | 31,3 | 104,7 |
| Мотор майларын чекене сатуу | 11,7 | 127,1 | 12,0 | 118,0 |
| Автоунааларды жана мотор майларын сатуудан тышкары, чекене сатуу | 52,8 | 105,7 | 53,5 | 108,2 |
| Тиричилик жана өздүк керектөө буюмдарын ремонттоо | 0,2 | 99,7 | 0,2 | 97,6 |

*Булагы: Улуттук статистика комитети*

## 1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар

### Акча базасы

2013-жылдын январь-июнь айларында акча базасы 3,8 пайызга же 2,4 млрд. сомго өсүп, 2013-жылдын 1-июлуна карата 66,9 млрд. сом чегинде катталган (2012-жылдын ушул эле мезгилинде – 3,5 пайызды түзгөн эле). Акча базасынын өсүшүнө аны 1,4 млрд. сомго көбөйткөн Өкмөттүн жана 1,0 млрд. сомго көбөйткөн Улуттук банктын операцияларынын эсебинен түптөлгөн.

Салыштыруу үчүн: 2012-жылдын январь-июнь айлары ичинде акча базасы 1,9 млрд. сомго өскөн. Өкмөттүн операциялары аны 5,2 млрд. сомго көбөйтүп, ал эми Улуттук банктын операциялары акча базасын 3,3 млрд. сомго кыскарткан эле.

МАЗМУНУ


Өлкө ичинде орун алып турган инфляциялык тобокелдиктерди эске алуу менен анын ичинде мамлекеттик бюджет тартыштыгынын жогорку деңгээлине байланыштуу Улуттук банк, салмактанган акча-кредит саясатын жүргүзгөн, бул базалык инфляция деңгээлин[1] 2012-жылдын декабрь айынын акырындагы 11,4 пайыздан (жылдык мааниде) 2013-жылдын июнь айынын акырына карата 8,9 пайызга (жылдык мааниде) төмөндөтүүгө мүмкүндүк берген (ЭВФ ыкмасы боюнча).

Инфляциянын монетардык түзүүчүлөрүн чектөө максатында Улуттук банк, Улуттук банктын ноталарын жана мамлекеттик баалуу кагаздарын репо шарттарында сатуу аркылуу банк тутумун үстөк ликвиддүүлүктөн арылтууну ишке ашырган. 2013-жылдын июнь айынын акырына банк тутумун үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу боюнча операцияларынын жалпы көлөмү 3,3 млрд. сом чегинде калыптанып, анын ичинде: Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү июнь айынын акырына – 3,1 млрд. сомду, репо шарттарында сатылган жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздар көлөмү июнь айынын акырына – 0,2 млрд. сомду түзгөн. Кароого алынган жылдын январь-июнь айларында жүгүртүүдөгү акча 61,1 млрд. сомду түзүү менен 4,9 пайызга көбөйгөн (2012-жылдын тиешелүү мезгилинде – 3,0 пайызга).

**М2 акча топтому**

М2 (М0 + сомдук депозиттер) акча массасы 2013-жылдын 1-июлуна карата ушул эле жылдын башталышынан тартып 6,1 пайызга көбөйүү менен 82,2 млрд. сомду түзгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгил аралыгында көбөйүү 8,2 пайызды түзгөн эле). М2 акча топтомунун түзүүчүлөрү төмөнкүчө өзгөргөн: банктардан тышкаркы акчанын (М0) өсүшү 5,6 пайызды, ал эми сомдук депозиттердики – 7,3 пайызды, анын ичинде которулма депозиттерди (талап боюнча төлөнүүчү) 5,9 пайызга кыскартуудан мөөнөттүү депозиттердики – 35,8 пайызды түзгөн.

**1.2.1-сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымы**
*(пайызы)*




[1] Базалык инфляция 4 (ЭВФ ыкмасы боюнча): мында азык-түлүк товарлары, электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү толугу менен алынып салынат.


МАЗМУНУ

**M2X акча топтому**

M2X (M2 + чет өлкө валюта депозиттери) кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көлөмү 2013-жылдын 1-июлуна карата 2013-жылдын январь-июнь айлары ичинде 9,7 пайызга (өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде – 11,1 пайызга) көбөйүү менен 107,4 млрд. сом чегинде катталган. Кеңири мааниде колдонулуучу M2X акча массасы аныктамасына кирген депозиттердин жалпы көлөмү[1] 14,6 пайызга, анын ичинде чет өлкө валютасындагы депозиттер – 22,6 пайызга өскөн (өткөн жылдын ушул эле мезгил аралыгында депозиттердин жалпы көлөмүнүн өсүшү 23,3 пайызды, ал эми банктардан тышкаркы акчалар – 2,8 пайызды түзгөн эле).

Кеңири мааниде колдонулуучу M2X акча массасынын компоненттеринин арасында, секторлор боюнча алып караганда, финансылык эмес корпорациялардын депозиттери башкаларга салыштырмалуу тез арымда өсүп, алардын өсүш арымы кароого алынган жылдын январь-июнь айларынын жыйынтыгы боюнча 18,0 пайыз чегинде катталган. Резиденттерден болушкан башка секторлордун депозиттери, ошондой эле кароого алынган мезгил ичинде башка финансылык корпорациялардын депозиттери, тиешелүүлүгүнө жараша 11,0 жана 12,6 пайызга жогорулаган.

**1.2.2-сүрөт. Коммерциялык банктардын депозиттеринин жылдык номиналдык өсүш арымы**




2013-жылдын январь-июнь айларынын жыйынтыгы боюнча M2X акча массасынын түзүмү төмөнкүчө өзгөргөн:

- банктардан тышкаркы нак акчанын үлүшү 55,4 пайыздан 53,3 пайызга чейин азайган;
- сом түрүндөгү депозиттердин үлүшү 23,3 пайыздан 22,8 пайызга чейин кыскарган;
- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 21,3 пайыздан 23,9 пайызга чейин көбөйгөн.

Финансылык ортомчулук даражасын мүнөздөөчү кеңири мааниде колдонулуучу M2X акча массасынын мультипликатору, кароого алынган мезгил аралыгында M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көлөмүндө депозиттердин көбөйтүүсүнүн эсебинен жыл башындагы 1,527ден 2013-жылдын июнь айынын акырына карата 1,614кө чейин көбөйгөн.


[1] Банк тутумунун аналитикалык балансынын маалыматтары боюнча, депозиттер өзүндө жеке адамдардын жана юридикалык жактардын, ошондой эле башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин камтыйт, мында Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттери алынып салынат.

M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын жүгүртүү тездиги жыл башындагы 3,4төн жылдын июнь айынын акырына 3,3кө чейин төмөндөгөн. Демек, M2X акча топтому боюнча эсептелинген экономиканы монетизациялоо коэффициенти, акча массасынын өсүш арымынын экономиканын өсүш арымына караганда кыйла тез болгондугунун натыйжасында, жыл башындагы 29,0 пайыздан июнь айынын акырында 30,7 пайызга чейин жогорулаган.

**Банктар аралык рыноктогу операциялар**

Финансы рыногун өнүктүрүүнүн негизги тенденцияларын түптөө процессинде олуттуу таасирин тийгизген факторлордун бири катары банк тутумундагы үстөк ликвиддүүлүк көлөмү жыл ичинде 21,8 пайызга төмөндөө менен кароого алынган мезгилдин акырына 1,4 млрд. сомду түзгөн. 2013-жылдын экинчи чейрегинде бул көрсөткүчтүн минималдуу мааниси июнь айынын экинчи декадасында – 306,6 млн. сом чегинде, ал эми максималдуу мааниси бул көрсөткүчтүн деңгээли 4,1 млрд. сом белгисине чейин жогорулаганда, чейректин башталышында белгиленген.

**1.2.3-сүрөт. Акча рыногунун чендеринин динамикасы**




Сом түрүндө насыялардын агрегирленген өлчөмү 8,1 млрд. сомду түзүү менен 72,3 пайызга көбөйгөн, бул кредиттик ресурстардын банктар аралык ички рыногунда улуттук валютадагы кадимки кредиттик бүтүмдөрдүн чогуу алгандагы көлөмүнүн (+36,1 пайыз) көбөйүүсүнүн эсебинен жүрүп, ал жылдык 7,8 пайыз (+0,2 п.п.), орточо пайыздык чен менен 853,6 млн. сом чегинде катталган. Отчеттук мезгил ичинде чет өлкө валютасында бүтүмдөр ишке ашырылган эмес.


Репо операциялары боюнча пайыздык чендин орточо салмактанып алынган мааниси 3,4 пайызга чейин, 5,6 п.п. азайган. Репо-операциялар боюнча бүтүмдөрдүн көлөмү 2,4 млрд. сомду түзгөн.

2013-жылдын июнь айынын акырына карата абал боюнча эсептик чен жыл башынан бери 0,22 п.п. жогорулоо менен 3,20 пайызды түзгөн. Натыйжада, «овернайт» кредиттери боюнча чен, бир мезгил ичинде орточо алганда 3,5 пайыз өлчөмүндө түптөлүп, 8,3 п.п. төмөндөгөн, ал эми мындай кредиттердин көлөмү жыл ичинде 4,8 млрд. сомго чейин, 5,4 эсеге өскөн.

2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында 6 айлык мөөнөткө берилүүчү кредиттер сунушу менен үч аукцион өткөрүлгөн. Коммерциялык банктарга берилген кредиттик ресурстардын жалпы көлөмү 432,0 млн. сомду түзгөн. Кароого алынган мезгил ичинде орточо салмактанып алынган пайыздык чен 4,53 пайызды түзгөн.

Инвесторлор тарабынан негизги суроо-талап, Улуттук банктын кыйла кирешелүү 28 күндүк ноталарына туура келген. 2013-жылдыгы биринчи жарым жылдыгы ичинде жарыяланган эмиссиянын чогуу алгандагы көлөмү өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 41,4 пайызга көбөйүү менен 22,9 млрд. сом чегинде катталган.

**1.2.4-сүрөт. Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүк динамикасы**





2013-жылдын январь-июнь айларында мамлекеттик казына векселдеринин (МКВ) жарыяланган эмиссия көлөмү 3,3 млрд. сом чегинде түптөлгөн. Отчеттук мезгил ичинде МКВларды сатуунун чогуу алгандагы көлөмү өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 36,9 пайызга, 3,3 млрд. сомго чейин жогорулаган. МКВлардын орточо айлык кирешелүүлүк көрсөткүчү 2012-жылдын ушул эле мезгилине караганда 8,7 пайызга чейин азайган (-2,3 п.п.), бул баалуу кагаздардын бардык түрлөрү, көбүнчө 3, 6 жана 12 айлык МКВлардын кирешелүүлүгүнүн, тиешелүүлүгүнө жараша 1,3; 3,4 жана 2,1 п.п. төмөндөшүнүн эсебинен жүргөн.

Кароого алынган мезгил аралыгында кошумча жайгаштырууларды эсепке алганда, мамлекеттик казына облигацияларынын (МКО) сегиз аукциону өткөрүлүп, анда жалпысынан 1,2 млрд. сом суммасына облигациялар жайгаштырылган, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилине караганда 54,8 пайызга көбүрөөк. 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү 830,0 млн. сомду түзгөн (-10,3 пайыз).

Баалуу кагаздардын эмиссия көлөмүнүн төмөндөшүнүн алкагында, рынок жигердүүлүгүнүн басаңдашынан улам, орточо айлык пайыздык чен бир аз, 0,1 пайыздык пунктка гана же 15,3 пайызга чейин жогорулоосу байкалган.

**1.2.5-сүрөт. МКВнын кирешелүүлүк динамикасы**




## 1.3. Тышкы экономикалык шарттар[1]

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча, Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында 2012-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 22,3 пайызга көбөйүп, 1 588,0 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде тышкы соода жүгүртүү 3 259,9 млн. АКШ доллары чегинде калыптанган, бул өткөн жылдын январь-июнь айларындагы көрсөткүчтөн 7,1 пайызга көбүрөөк.

**1.3.1-сүрөт. Тышкы соода**
*(млн. АКШ долл.)*




Товарлар экспорту (ФОБ баасында) өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 4,3 пайызга кыскаруу менен 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча 836,0 млн. АКШ доллары чегинде катталган. Отчеттук мезгил ичинде алтынды экспорттоо көлөмү 5,4 пайызга төмөндөгөн (абсолюттук мааниде алганда 11,4 млн. АКШ долларына). Төмөндөө, алтынды сунуштоонун айкын орточо экспорттук баасынын 6,7 пайызга төмөндөөсүнүн эсебинен жүргөн, ошол эле учурда сунуштоонун физикалык көлөмү 1,4 пайызга көбөйгөн. Мындан тышкары, кийим-кечени айрым бир түрлөрүнүн жана ага тиешелүү буюмдардын, кендердин жана баалуу металлдар концентратынын, пахтанын жана башкалардын кыскаргандыгы байкалган. Ошондой эле, Казакстан менен Россияга жашылча ташуунун физикалык көлөмүнүн төмөндөшү анын номиналдык көлөмүнүн 11,6 пайызга төмөндөшүн шарттаган. Ушуну менен бирге эле, авиаотунду, тапталган айнекти, резина дөңгөлөктөрдү, болотту, чоюнду ж.б. экспорттоо көлөмүнүн көбөйүшү белгиленген. Ошентип, алтынды эске албаганда экспорт 3,9 пайызга төмөндөп, 636,4 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгил аралыгында салыштырма салмактар экспорттук товарларды функционалдык бөлүштүрүүдө[2] анчалык өзгөргөн эмес. Керектөө товарлардын нарктык көлөмүнүн төмөндөөсү, экспорттун жалпы көлөмүндөгү товарлардын бул тобунун үлүшүнүн кыскарышына алып келген. Мындан тышкары, чийки заттардын жана энергопродукттардын салыштырма салмагы төмөндөгөн, ал эми калган топтордун үлүшү жогорулаган.

Керектөөгө багытталган товарлар экспортунун көлөмү 21,0 пайызга төмөндөп, 166,8 млн. АКШ доллары чегинде катталган. Мында, азык-түлүк сыяктуу эле, азык-түлүктөн башка товарларды сатуу кыскаргандыгы байкалган.

[1] Эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен Улуттук статистика комитетинин жана Мамлекеттик бажы кызматынын маалыматтары боюнча.

[2] Мында жана мындан ары, Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда, Улуттук статистика комитетинин жана Мамлекеттик бажы кызматынын маалыматтары боюнча.

Азык-түлүк товарларын сунуштоонун төмөндөөсү негизинен, сунуштоонун физикалык көлөмүнүн 10,5 пайызга жана экспорттук баалардын 1,2 пайызга төмөндөшүнөн улам жашылчаны экспорттоонун нарктык көлөмүнүн азайуусунан улам жүргөн (11,6 пайызга же 5,0 млн. АКШ долларына). Ушуну менен катар эле, дан эгиндеринен, ундан же крахмалдан продукттар сунушу 26,6 пайызга кыскарган (0,8 АКШ долларына), бул контракттык баалардын 3,2 пайызга өсүшүнүн алкагында, физикалык көлөмдүн 28,9 пайызга азайуусунан улам жүргөн. Мында, экспорттук баалардын 40,6 пайызга жана сунуштоонун физикалык көлөмүнүн 20,2 пайызга жогорулоосунан улам, эт жана эт азыктарын сунуштоонун нарктык көлөмүнүн (69,0 пайызга же 1,2 млн. АКШ долларына) өсүшү жүргөн. Мындан тышкары, тирүү жандыктарды экспорттоо көлөмү көбөйгөн (22,4 пайызга же 0,9 млн. АКШ долларына), бул берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн өсүшүнүн негизинде аныкталган.

Азык-түлүктөн башка товарлар түзүмүндө кийим-кечени жана ага тиешелүү буюмдарды экспорттоо көбүрөөк кыскарган (35,8 пайызга же 28,8 млн. АКШ долларына төмөндөгөн). Ушуну менен катар эле, жүргүнчүлөрдү ташууга каралган жеңил автоунааларды жана транспорт каражаттарын экспорттоо 11,9 пайызга же 0,4 млн. АКШ долларына төмөндөгөн (бул негизинен баанын төмөндөшүнөн улам жүргөн). Отчеттук мезгил аралыгында ысытуу лампаларын 23,8 пайызга же 2,0 млн. АКШ долларына экспорттоо көлөмүнүн көбөйтүлүшү байкалган, бул ага баанын 17,9 пайызга жана физикалык көлөмүнүн 5,0 пайызга өсүшүнүн эсебинен келип чыккан.

Отчеттук мезгил ичинде ФОБ баасында товарлар импорту[1] 11,6 пайызга өсүп, 2 423,9 млн. АКШ доллары чегинде калыптанган. Импорттун өсүшү негизинен, мунай заттарын алып кирүү 17,7 пайызга же 80,7 млн. АКШ долларына көбөйгөндүгү менен шартталган, бул баанын 3,1 пайызга төмөндөөсү учурунда берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 21,5 пайызга өсүшү менен камсыздалган. Мындан тышкары, алынып келинген товарлар көлөмүнүн өсүшүнө олуттуу салымды дары-дармектер, чоюн менен болот, электр зымдары жана кабель, ун, учуучу аппараттар жана ага тиешелүү буюмдар жана башкалар кошкон. Ошол эле учурда, мурда пайдаланууда болгон автоунааларды, электр линиялык телефон аппараттарын, эт жана эт азыктарын, кол жана машина менен иштетүүчү инструменттерди, жүк ташуучу жана атайы багыттарга каралган автоунааларды ж.б. ташып келүү кыскаргандыгы байкалган.

Кароого алынып жаткан ичинде импорттун функционалдык түзүмүндө[2] товарлардын бардык түрлөрү боюнча нарктык көлөмдөр көбөйгөндүгү байкалган. Ошого карабастан, азык-түлүк тобунун салыштырма салмагы, калган топтор боюнча импорт көлөмүнүн кыйла өсүшүнүн негизинде, бир аз төмөндөгөн.

Биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча керектөөгө каралган товарлар импортунун көлөмү 858,2 млн. АКШ долларына чейин жеткен (5,0 пайызга өсүш). Мындай өсүш, биринчи кезекте, азык-түлүк товарларын алып келүүнүн 13,7 пайызга көбөйгөндүгү менен камсыз болгон.

Азык-түлүктөн башка товарлар курамында дары-дармектер импорту өскөн (32,8 пайызга же 22,3 млн. АКШ долларына), бул баанын 5,1 пайызга төмөндөшүнүн алкагында физикалык көлөмүнүн 40,0 пайызга жогорулашы менен камсыз болгон. Баанын 9,4 пайызга жана физикалык көлөмүнүн 2,7 пайызга өсүшүнүн эсебинен, эфир майлары жана парфюмердик заттар 12,4 пайызга (же 4,9 млн. АКШ долларына) көбүрөөк алынып келинген. Ушуну менен бирге эле, мурда колдонулган автоунааларды импорттоо көлөмү кыйла кыскарган (22,7 пайызга же 44,8 млн. АКШ долларына), буга бир эле учурда айкын баанын 2,5 пайызга өсүшү учурунда физикалык көлөмүнүн 24,6 пайызга төмөндөөсү таасирин тийгизген.

[1] СИФ импорту 2 625,9 млн. АКШ долларын, СИФ баасында соода балансынын тартыштыгы – 1 790,0 млн. АКШ долларды түзгөн.

[2] Мында жана мындан ары СИФ баасында, Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске албаганда, Улуттук статистика комитетинин жана Мамлекеттик бажы кызматынын маалыматтары боюнча.


Азык-түлүк товарлар түзүмүндө импорт баасынын 50,3 пайызга жана физикалык көлөмдүн 20,3 пайызга өсүшүнүн натыйжасында, буудай унун жана угутту импорттоо көлөмү көбөйгөн (80,8 пайызга же 11,7 млн. АКШ долларына өсүш). Мөмө-жемиш жана жаңгактарды импорттоо көлөмү 74,3 пайызга же 6,7 млн. АКШ долларына өскөн, бул алып келүү баасынын 36,1 пайызга жана физикалык көлөмүнүн 28,1 пайызга өсүшүнөн улам келип чыккан. Ушуну менен катар эле, бaанын 1,5 пайызга өсүшүнүн алкагында алып келүүнүн физикалык көлөмүнүн 11,2 пайызга төмөндөөсү, кофе, чай жана какао импортунун нарктык көлөмүнүн төмөндөөсүн шарттаган. Мындан тышкары, кантты импорттоо көлөмү да төмөндөгөн (7,9 пайызга же 2,6 млн. АКШ долларына), бул физикалык көлөмүнүн 1,8 пайызга өсүшүнүн негизинде импорт баасынын 9,6 пайызга төмөндөшү менен камсыздалган.

## 1.4 Алмашуу курсу

2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында АКШ долларынын алмашуу курсунун өскөндүгү байкалган.

Март айынан тартып америка валютасынын наркы кайрадан жогорулай баштаган. Бул негизинен, коммерциялык банктардын чет өлкө валютасына карата суроо-талабынын өсүшүнө, ошондой эле импорттолуучу продукцияларга, өзгөчө КММ, авто, металл жана башка эл керектөөчү товарлар үчүн төлөө зарылчылыгына байланыштуу болгон.

**1.4.1-сүрөт. Доллар курсунун акчалай которуулардын агылып кирүүсүнөн көз карандылыгы**





МАЗМУНУ

Бүтүндөй алганда, өтүп жаткан жылдын биринчи жарым жылдыгында АКШ долларынын алмашуу курсу 2,6 пайызга, 1 АКШ доллары үчүн 47,4012 сомдон 48,6277 сомго чейин өскөн.

Кароого алынган мезгил ичинде валюта рыногунун салыштырмалуу туруктуулугунун сакталып турушу Улуттук банкка, акча-кредиттик жөнгө салуу милдеттерине ылайык, валюта рыногунда өз катышуусун минималдаштыруу саясатын улантуу мүмкүнчүлүгүн берген. 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында валюталык интервенциялар өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 65,9 пайызга төмөндөө менен 14,7 млн. АКШ доллары суммасына ишке ашырылган.

**1.4.2-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүү арымы**




МАЗМУНУ


# 2-глава. Инфляция жана аны түзүүчүлөр

## 2.1. Керектөө баа индексинин динамикасын талдап-иликтөөлөр

Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча инфляция көрсөткүчү 2013-жылдын июнь айынын (2013-жылдын июнь айы 2012-жылдын июнь айына карата) жыйынтыгы боюнча 8,1 пайызды түзгөн, ошол эле учурда 2013-жылдын май айына салыштырганда июнь айында баа 0,1 пайызга жогорулап, инфляциянын орточо жылдык мааниси 7,8 пайыз деңгээлинде калыптанган.

2013-жылдын январь-июнь айларында керектөө бааларынын динамикасы мурдагыдай эле, керектөө куржунунда болжолу менен 48 пайызды ээлеген азык-түлүк товарларына баанын таасири астында түптөлгөн. Товарлардын бул тобуна баа жылдык мааниде 8,1 пайызга көбөйгөн.

**2.1.1-сүрөт. КБИнин жылдык динамикасы жана аны түзүүчүлөр**
*(пайызы)*




Кароого алынган мезгилде азык-түлүктөн башка товарларга керектөө баасы жылдык мааниде 7,7 пайызга, акы төлөнүүчү кызматтарга – 6,9 пайызга, алкоголдук ичимдиктерге жана тамеки заттарына – 11,8 пайызга жогорулаган.

## 2.2. Азык-түлүк товарларына баа динамикасы

Азык-түлүк товарларына баа 2013-жылдын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде 8,1 пайызга өскөн, ал эми өткөн жылдын июнь айынын жыйынтыгында азык-түлүккө баа 10,2 пайызга төмөндөгөн эле. Азык-түлүк товарлары түзүмүндө көбүрөөк салыштырма салмак нан азыктарына жана таруууларга туура келүүдө. 2013-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча нан азыктарына жана таруууга баа жылдык мааниде алганда 14,6 пайызга өсүп, анын ичинде биринчи сорттогу буудай уну 27,6 пайызга кымбаттаган. Аларга баанын өсүшүнүн негизги себебинен болуп, 2012-жылы республикада жана негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө буудайдан


МАЗМУНУ

начар түшүм алынышы болгон. Мында, 2013-жылдын январь-июнь айларында дан эгиндерине баа турукташып, 2013-жылы күтүлүп жаткан түшүмдүн жогору болушунун алкагында төмөндөө тенденциясына ээ болгон.

Сүт азыктарына баа индекси жылдык мааниде 8,7 пайызга, мөмө-жемиш продукциясына – 18,5 пайызга өскөн. «Майлар жана тоң майлар» товардык тобу жылдык мааниде 1,5 пайызга кымбаттаган.

**2.2.1-сүрөт. Азык-түлүк товарларына жылдык КБИде баа салымынын динамикасы**

*(пайызы)*





Азык-түлүк товарларынын ички баасынын дүйнөлүк баа динамикасынан жогорку көз карандылыгы көпчүлүк учурда, Кыргызстан экономикасынын азык-түлүк импортунан кыйла көз карандылыгы менен шартталган. Алсак, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча 2013-жылдын биринчи чейрегинде нан азыктарын керектөө түзүмүндө импорттун үлүшү 51,6 пайызды түзүп, керектөөдөгү өсүмдүк майлар импорту 54,6 пайыз чегинде катталган, ал эми кантты керектөө 65,6 пайыз импорту менен камсыз болгон.

**2.3. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы**

2013-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча азык-түлүктөн башка товарларга баа индексинин өсүшү жылдык мааниде 7,7 пайызды түзгөн. Акыркы жылдары товарлардын бул тобуна баа салыштырмалуу туруктуулукту сактап келүүдө, мында азык-түлүктөн башка товарларга баанын өсүшү жыл сайын басаңдоодо, бул Кыргызстан экономикасында инфляциянын монетардык түзүүчүсүнүн төмөндөшүн тастыкташы мүмкүн.

**2.3.1-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы**


*(пайызы, кийинки жылдын тиешелүү айына карата пайыздар)*




Баанын кыйла өсүшү «кийим-кече жана бут кийим» товарлар тобунда жүрүп, баанын өсүшү 13,0 пайызды түзгөн. Үй тиричилик буюмдарына жана тиричилик техникаларына баа 7,0 пайызга өскөн. Күйүүчү-майлоочу материалдарга баа жылдык мааниде алганда 1,4 пайызга төмөндөгөн, анын ичинде бензинге баа 1,6 пайызга төмөндөп, ал эми дизель отунуна баа 1,5 пайызга өскөн.

**2.3.2-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга баалардын жылдык КБИде салымынын динамикасы**

*(пайызы)*




## 2.4. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы

Акы төлөнүүчү кызматтарга баа индекси жылдык мааниде алганда 2013-жылдын июнь айында 6,9 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын июнь айында – 11,7 пайызга). Бул топ ичинде индекстин өсүшү негизинен, тойканалар жана мейманканаларда кызмат көрсөтүүлөрдүн 9,6 пайызга, билим берүүнүн (+8,3 пайызга) жана транспорттук кызматтардын (+2,6 пайызга) кымбатташынын эсебинен жүргөн, ал эми саламаттыкты сактоо кызматтары 12,9 пайызга кымбаттаган.

**2.4.1-сүрөт. Кызмат көрсөтүүлөргө баалардын жылдык КБИде салымынын динамикасы**

*(пайызы)*




## 2.5. Аймактарда керектөө баа динамикасы

Өтүп жаткан жылдын башталышынан тартып Баткен областын кошпогондо республиканын бардык областтарында баа индексинин 1,2-2,8 пайыз чегинде жогорулоосу байкалууда. Баткен областында баа 0,5 пайызга төмөндөгөн, бул негизинен азык-түлүк жана азык-түлүктөн башка товарларга бааның төмөндөөсүнүн эсебинен болгон.

## 2.5.1-таблица. Аймактарда керектөө бааларынын динамикасы


*(пайызы)*

| | 2013-ж. июнь айы | | |
|---|---|---|---|
| | 2012-ж. июнуна | 2012-ж. декабрына | 2013-ж. майына |
| **КБИ** | **108,1** | **101,5** | **100,1** |
| Баткен областы | 105,1 | 99,5 | 99,4 |
| Жалал-Абад областы | 110,6 | 101,4 | 100,1 |
| Ысык-Көл областы | 109,1 | 101,3 | 100,4 |
| Нарын областы | 108,1 | 101,4 | 99,8 |
| Ош областы | 110,9 | 102,8 | 99,8 |
| Талас областы | 106,0 | 101,2 | 100,0 |
| Чүй областы | 108,0 | 102,6 | 99,7 |
| Бишкек ш. | 107,3 | 101,2 | 100,3 |

Бишкек шаарында керектөө баалары 7,3 пайызга өскөн, мында тамак-аш азыктары 7,9 пайызга кымбаттап, алкоголдук ичимдиктер жана тамекиге баа – 11,0 пайызга, азык-түлүктөн башка товарларга – 6,6 пайызга жана акы төлөнүүчү кызматтарга – 5,0 пайызга өскөн.

## 2.5.1-сүрөт. Жылдык инфляциянын аймактык түзүмү

*(пайызы)*







МАЗМУНУ

### 2.6. Базалык инфляция

Улуттук статистика комитетинин ыкмасы боюнча эсептелген базалык инфляциянын жылдык мааниси 2013-жылдын июнь айынын жыйынтыгы боюнча 8,9 пайызды түзгөн, ошол эле учурда «арылтылбаган» инфляция 8,1 пайыз чегинде катталган. Мында белгилей кетүүчү нерсе, базалык инфляция 4түн графикалык көрсөткүчү (мында азык-түлүк товарлары, электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү такыр эске толугу менен алынып салынат), республикадагы керектөө баасынын динамикасын аныктоочу болуп азык-түлүк рыногунда түптөлүп жаткан тенденция санааларын тастыктап тураарын белгилей кетүү зарыл. Базалык инфляция 4түн көрсөткүчү туруктуу динамикага жана маанилердин бир аз гана дисперсиясына ээ.

**2.6.1-сүрөт. Базалык инфляциянын эсептик көрсөткүчүнүн жылдык динамикасы**




Базалык инфляция 1 – мында товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: (1) нан азыктары жана таруулар, (2) майлар жана тоң майлар, (3) жашылча жана жемиштер, (4) газ, (5) ремонт жана курулуш материалдары.

Базалык инфляция 2 – мында товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: (1) эт, (2) жашылча жана жемиштер, (3) газ, (4) ремонт жана курулуш материалдары.

Базалык инфляция 3– мында товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: (1) нан азыктары жана таруулар, (2) сүт азыктары, (3) жашылча жана жемиштер, (4) газ, (5) ремонт жана курулуш материалдары

Базалык инфляция 4 – мында азык-түлүк товарлары жана электр энергиясы, газ, ошондой эле отундун башка түрлөрү толугу менен алынып салынат.

УСК базалык инфляциясы – мында сүт, кант, мөмө-жемиштин жана алкоголдук ичимдиктердин, тамеки продукцияларынын айрым түрлөрү, КММ, «электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспортунун кызматтары, байланыш кызматтары жана айрым башкалар эске алынбайт.


# 3-глава. Дүйнөлүк товардык-сырьелук рынокторго баяндама

## 3.1. Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторго баяндама

Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баа туруктуулугу сакталууда. Мында, 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында дан эгиндери рыногунда баа, 2013-14-маркетингдик жылдары (2013-жылдын июль айы – 2014-жылдын июнь айы) мол түшүм алынышынын күтүлүп жатышынын алкагында төмөндөө тенденциясына ээ болгон. 2013-жылдын июнь айында ФАО-нун азык-түлүк баа индексинин орточо мааниси 211,3 пунктту түзгөн, бул өтүп жаткан жылдын май айы үчүн кайра каралган көрсөткүчүнөн 2 пунктка төмөн.

Дүйнөлүк биржалардын фьючерстик[1] рынокторунда негизги дан эгиндерине – буудайга, жүгөрүгө жана арпага баанын төмөндөөсү уланган. Мындай төмөндөө негизинен, сезондук себептерге жана Түндүк жарым шарында күзгү буудай түшүмүнүн өткөн жылга караганда күтүлүп жаткандан көбүрөөк болушуна байланыштуу болгон. Дан эгиндер түшүмү, аларды иштетүү, керектөө, сатуу жана запастар боюнча алгылыктуу болжолдоолор, жаңы сезондун башталышында бааны өткөн маркетингдик жылдын башталышындагы баадан бир кыйла төмөндөткөн.

**3.1.1-сүрөт. 2012-2013-жылдагы азык-түлүк товарларына карата баа динамикасы**
*(бир тонна үчүн АКШ долларында)*




Эксперттердин болжолдоолору боюнча 2013-жылы Россияда дан эгини 2010-2011-жылдардагыга караганда жогору болот. Ар кандай баа берүүлөр боюнча ал 85ден 100 млн. тоннага чейин жетет, мында экспорт 21ден 25 млн. тоннага чейин баалануунда. Россия Федерациясынын Айыл чарба министрлигинин болжолдоосу боюнча, дан эгинин экспорттоо – 15 млн. тоннага жакынды түзөт. Ал эми аналитиктердин күтүүлөрүнө ылайык, данга баа өтүп жаткан жыл ичинде өткөн жылга караганда кыйла төмөн болот.

Жакын арада дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда олуттуу баанын жогорулашы же болбосо сунуштун жетишсиз болуп калышы күтүлгөн жок. Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунун туруктуулугу Кыргызстанда керектөө баа деңгээлинин туруктуу болушу үчүн негиз болот.


[1] Мында: жакын арада ишке ашырылуучу контрактылар менен соода жүргүзүлүүчү рынок.

### 3.2. Дүйнөлүк энергопродукциялар рыногуна баяндама

2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында дүйнөлүк энергопродукциялар рыногу баалардын салыштырмалуу өзгөрүлмөлүүлүгү менен мүнөздөлгөн. Кароого алынган мезгилдин башталышында мунайга баа кескин жогорулап, белгиленген деңгээлде кыш мезгилинин 20-февралына чейин сакталып турган. Бирок баа кескин түрдө жогорулагандан кийин мунайга баа акырындап төмөндөй баштаган. Мындан тышкары, бул мезгил аралыгында Brent жана WTI мунай маркалары ортосундагы спрэд кыйла азайгандыгын белгилей кетүүгө болот. Дүйнөлүк мунай рыногунда мындай жагдайдын түптөлүшүнө: мунайды импорттоочу жана экспорттоочу негизги өлкөлөрдөгү саясый-экономикалык жагдай жана жаратылыш-климат факторлору, АКШ, Кытай жана Евро аймактардын макростатистика боюнча маалыматтары жана АКШнын валюталык демилгелөөчү программаларынын ишин токтотуусу түрткү берген.

2013-жылдын январь-июнь айларында негизги сортторго (Urals, Brent, WTI) баа, баррелине 86,7 – 120,1 АКШ доллары диапазонунда өзгөрүлүп турган. Мында, кароого алынган мезгил ичинде «Brent» мунай маркасына орточо баа 108,3 доллар деңгээлинде түптөлгөн, бул 2012-жылдын тиешелүү мезгилиндегиден 5,4 пайызга төмөн (114,5 АКШ доллары).

**3.2.1-сүрөт. 2013-жылдын яварь-июнь айларындагы мунайга карата баа динамикасы**
*(бир баррель үчүн АКШ доллар)*




2013-жылдын башталышынан тартып Кыргызстанда КММга баа орточо алганда 3 сомго төмөндөгөн. УСКнын маалыматтары боюнча, АИ-92 маркасындагы бензинге баа бир мезгил ичинде 38,2 сом чегинде катталган. Баанын акырындап төмөндөшүнө, өтүп жаткан жылдын жаз мезгилинде дүйнөлүк мунай заттары рыногунда түптөлгөн жагдай таасирин тийгизген, ал Кыргызстандын башкы мунай трейдери – Россияга да таасир эткен. 2013-жылдын январь-июнь айларында дизель отунуна баа анчалык өзгөрбөй, орточо алганда 40,2 сомду түзгөн.

Кароого алынган мезгилде КММны ташуу жагында үзгүлтүктөр байкалган эмес. Кыргызстандын КММ рыногундагы жагдай бир калыпта сакталып турган. Мында Кыргызстандын мунайтрейдерлери ассоциациясынын маалыматы боюнча, экинчи жарым жылдыктын баш жагында Россиянын даярдоочу заводдорунда баанын жогорулагандыгына байланыштуу, КММга баанын жогорулашы күтүлүүдө.

Энергопродукциялар рыногунун аналитиктери 2013-жылдын экинчи жарым жылдыгында мунайды дүйнөлүк керектөөнүн көбөйүшү боюнча өз болжолдоолорунда турушууда, бул өз кезегинде, ушул жылы ичинде байкалган дүйнөлүк экономиканын өсүш арымынын басаңдашына карабастан, мунайга дүйнөлүк бааны сактап турат. ОПЭКтин жаңыртылган ар айлык докладында белгиленген болжолдоолорго ылайык, 2013-жылы мунайды дүйнөлүк керектөөнүн өсүшү баррелине 89,6 млн. сомго чейин күтүлүүдө.

# 4-глава. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты маселелери боюнча чечимдери

## 4.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери

Төмөндө Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын (Улуттук банк Башкармасы) 2013-жылдын экинчи чейрегинде кабыл алынган акча-кредит саясаты боюнча негизги чечимдеринин тизмеги келтирилген:

1. 2013-жылдын 24-апрелинде кайра каржылоо үчүн кредиттик аукциондорду өткөрүү тартибин жөнгө салуу жана өркүндөтүү максатында, Улуттук банк Башкармасынын №13/18 токтому менен «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө» жобонун (мындан ары – Жобо) жаңы редакциясы бекитилип, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2012-жылдын 14-ноябрындагы токтому менен бекитилген №42/3 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кайра каржылоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө» жобо күчүн жоготкон катары таанылган.

   Бул жаңы Жобо, коммерциялык банктардын «кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик аукциондорду» өркүндөтүү боюнча сунуштарын эске алуу менен иштелип чыккан. Жаңы Жобого ылайык, Улуттук банктын кредиттик ресурстарын өзүнчө кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максаттарына сунуштоонун максималдуу мөөнөтү жөнгө салынган; күрөөлүк камсыздоо чөйрөсү кеңейтилген; жогоруда аталган максаттарга кредиттик ресурстарды сунуштоо шарттары аныкталган жана аларды максаттуу эмес пайдаланылып калышына чектөөлөр белгиленген; мындан тышкары банктарга банктык эмес финансы-кредит мекемелерин кайра каржылоо үчүн кредиттик ресурстардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү сунушталган, мында банктын маржасы Улуттук банк Башкармасы тарабынан белгиленген өлчөмдөн ашпоого тийиш; кредитти пролонгациялоо тартиби аныкталган.

   Кайра каржылоо кредити Улуттук банк тарабынан 2012-жылдын акырында, банк тутумун ликвиддүүлүк менен камсыздоо боюнча инструменттер спектрин кеңейтүү максатында ишке киргизилген жана анда 1 айдан 6 айга чейинки мөөнөт каралган.

2. 2013-жылдын 30-майында акча-кредит чөйрөсүндө учурдагы жагдайга баа берүү жана экономиканын өнүгүшүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү максатында, Улуттук банк Башкармасы 2013-жылдын биринчи чейреги ичинде акча-кредит саясаты жөнүндө отчетту кароого алып, аны кабыл алган (№17/1 токтом) жана келерки мезгилге акча-кредиттик программаны бекиткен, анда кыска мөөнөттүү мезгил аралыгында акча-кредиттик саясаттын негизги багыттары, ошондой эле аны жүзөгө ашыруунун индикативдик параметрлери аныкталган.

   Жогоруда аталган отчеттун кыскартылган версиясы маалымат катары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Президенттин Аппаратына, Өкмөттүн Аппаратына, Финансы министрлигине жана Экономика министрлигине жөнөтүлүп, Улуттук банктын расмий веб-сайтында да жайгаштырылган.

3. 2013-жылдын 25-июнунда финансы рыногун өнүктүрүү, финансылык ортомчулук деңгээлин жогорулатуу, банк тутумун чыңдоо жана бекемдөө максаттарында, финансы рыногунда бүтүмдөрдү автоматташтыруу үчүн өнөр жайлык пайдаланууга Автоматташтырылган тоорук системасы (АТС) ишке киргизилген. АТСтин укук чегинде иш алып баруусун камсыз кылуу үчүн Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2013-жылдын

23-мартында АТС аркылуу операцияларды ишке ашыруу тартибин жөнгө салган бир катар ченемдик укуктук актылар бекитилген[1].

4. 2013-жылдын 26-июнунда Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүлөр бекитилген:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздары менен операцияларды ишке ашыруу тартибин жөнгө салуу максатында «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын жайгаштыруу, кайрадан сунуштоо, кошумча жайгаштыруу, кайтара сатып алуу жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобо (№20/1 токтом);

- Кайра каржылоо максаттарында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартибин жөнгө салуу жана өркүндөтүү максатында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максатында кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө» жаңы жобо. Жаңы Жобого ылайык, Улуттук банктын кредиттик аукциондорунан алынган каражаттардын эсебинен коммерциялык банктар тарабынан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендерге чектөөлөр белгиленген; банктык эмес финансы-кредит мекемелерине кредиттик ресурстарды сунуштоодо банктын маржасы 0,2% өлчөмүндө аныкталган; кредиттик аукциондор аркылуу алынган кредиттик каражаттарды коммерциялык банктар максаттуу пайдаланышын көзөмөлгө алуу механизми каралган жана коммерциялык банктардын кредиттик ресурстарды өздөштүрүү мөөнөтүнө чектөө белгиленген - кредит алган күндөн 10 күнгө чейин.

### 4.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери

Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети (мындан ары – Комитет) акча-кредит чөйрөсүндөгү чечимдерди тез арада иштеп чыгууну жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Комитет чечимдерди, акча рыногунда түптөлгөн жагдайларга баа берүү жыйынтыктарынын негизинде жума сайын чыгарат. Банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча операциялар көлөмү, Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталган Акча-кредит саясатынын 2013-2015-жылдарга каралган негизги багыттарында, келерки мезгилге акча-кредиттик программада белгиленген максаттардын жана милдеттердин негизинде, ошондой эле банк тутумундагы абалды жана салык-бюджет чөйрөсүндөгү жагдайды эске алуу менен Комитет тарабынан аныкталат.

2013-жылдын экинчи чейрегинде Комитеттин 19 отуруму болуп өткөн. Банк тутумунда ликвиддүүлүктү жөнгө салуу максатында Улуттук банктын ноталарынын ар жумалык аукциондору өткөрүлгөн, мындан тышкары банк тутумун үстөк ликвиддүүлүктөн кошумча арылтуу максатында репо шарттарында мамлекеттик баалуу кагаздарын сатуу боюнча операциялар ишке ашырылган.

Алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө жол бербөө максатында, Улуттук банк 2013-жылдын экинчи чейрегинде валюталык интервенцияларды ишке ашырган. АКШ долларын таза сатуу сомдук эквивалентте 713,0 млн. сом чегинде катталган.

2012-жылдын акырында Улуттук банк, банктардын ликвиддүүлүктү колдоо жана экономиканы кредиттөө мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө мүмкүндүк берүүчү кайра каржылоо үчүн кредиттик аукциондорду ишке киргизүү аркылуу банк тутумун ликвиддүүлүк менен камсыздоо боюнча акча-кредит саясатынын инструменттер чөйрөсүн кеңейткен. 2013-жылдын экинчи чейрегинде кайра каржылоо кредити боюнча 3 аукцион жарыяланып, алардын ичинен 337,0 млн. сом жалпы көлөмүндө 2 аукцион өткөрүлгөн.

[1] Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2013-жылдын 23-мартында кабыл алынган документтердин тизмеги, «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндаманын» 2013-жылдын 1-чейреги үчүн басылмасынын мурунку чыгарылышынын «Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери» деп аталган 4.1-бөлүгүндө жарыяланган.

# 5-глава. Инфляция көрсөткүчүн болжолдоолор

## 5.1. Инфляцияга таасир эткен негизги факторлордун өзгөрүүсүнө болжолдоолор


Баяндаманын биринчи главасында белгиленгендей эле, 2013-жылдын январь-июнь айларынын жыйынтыктары боюнча Кыргызстандын экономикасы кайрадан калыбына келип жаткандыгы байкалууда, бул негизинен, «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканасында алтынды өндүрүүнүн калыбына келиши, айыл чарбасынын өсүшү, өткөн жылдагы базанын төмөн болушу эффекти менен шартталган. 2013-жылдын январь-июнь айларынын жыйынтыгы боюнча ИДӨнүн өсүшү 7,9 пайызды түзгөн, ал эми 2012-жылдын ушул эле айларында ИДӨнүн 6,9 пайыз деңгээлине чейин төмөндөшү байкалган эле. «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, ИДӨнүн өсүшү 5,5 пайыз чегинде калыптанган.

Өлкө экономикасынын өнүгүшү жагында 2013-жылга болжолдоолору, ишкердик жигердүүлүгүн потенциалдуу деңгээлде сактап калууну, «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларында алтын өндүрүү көлөмүн калыбына келтирүүнү, негизги соода өнөктөш-өлкөлөр менен соода жүргүзүүнүн ыңгайлуу шарттарын сактап калууну, айыл чарбаны туруктуу өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн жаратылыш-климат шарттарын эске алуу менен иштелип чыккан.

Ошентип, жогоруда аталган факторлорду эске алуу менен Улуттук банк, мурда иштелип чыккан, 2013-жылы ИДӨнүн 8,3 пайыз деңгээлине чейин өсүшү болжолдоолорун колдоого алып келүүдө. Дүйнөлүк рынокто алтынга баанын төмөндөшүнө байланыштуу, ошондой эле күтүлүп жаткан 2013-жылы баанын жалпы деңгээлин эске алуу менен ИДӨ дефлятору боюнча 10дон 7ге чейинки болжолдоо кайра каралып чыккан, демек номиналдуу ИДӨгө баа 362,4төн 352,5 млрд. сомго чейин төмөндөтүлгөн. Мында, ИДӨнүн өсүшүнө оң таасир негизинен, өнөр жай, курулуш жана кызмат көрсөтүү секторлору тарабынан камсыз кылынаарын белгилеп кетүү зарыл.

**5.1.1-сүрөт. ИДӨ өсүшүн болжолдоо**

*(пайызы, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жыл башынан берки мезгил)*




Орто мөөнөттүк мезгилде Кыргызстандын өнүгүшү ички факторлордон (экономиканын негизги тармактарынын орточо өсүш арымы, анын ичинде кайра иштетүү өнөр жайынын өсүшүн сактоо, акча которуулар агымынын динамикасы, өлкөдө саясый жагдайдын туруктуулугу) жана тышкы факторлордон (дүйнөлүк товардык-сырьелук рыноктордо баа коньюнктурасынын таасирине дуушар болгон негизги соода өнөктөш өлкөлөрдүн экономикасын

өнүктүрүү, Кыргыз Республикасы Бажы союзуна кирген жагдайда тышкы соода шарттарын өзгөртүү) көз каранды болуп келүүдө. 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында байкалган негизги соода өнөктөш өлкөлөрдө экономиканын өсүш арымынын басаңдашы сакталууда. Түптөлгөн тенденцияларды эске алуу менен ЭВФ, 2013-жылы ичинде Россия экономикасынын өсүш болжолдоолорун 3,4 пайыздан 2,7 пайызга чейин, Кытай экономикасын 8,0 пайыздан 7,8 пайызга чейин корректировкалаган.


Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн болжолдоолоруна ылайык, Кыргызстанда 2013-жылы ИДӨ дефлятору 7,0 пайыз деңгээлинде болгон учурда, ИДӨнүн өсүшү 7,8 пайызды түзөт, ал эми ИДӨнүн номиналдык көлөмү 351,1 млрд. сом деңгээлинде күтүлүүдө.

Потенциалдуу жана айкын ИДӨнүн ортосундагы ажырымды эсептөө (2000-жылдагы бааларда), өлкөнүн макроэкономикалык потенциалына баа берүү үчүн жүргүзүлөт. Биринчи жарым жылдыкта терс ажырым орун алып, ал кароого алынган мезгил аралыгында экономикада өндүрүштүк кубаттуулук жетишсиз ишке тартылгандыгын айгинелөөдө. 2013-жылдын январь-июнь айларында айкын ИДӨ потенциалдуу ИДӨдөн 2,3 пайызга (көмүскө секторду эске алуусуз ИДӨ) жана 6,5 пайызга (көмүскө секторду эске алуу менен ИДӨ) аз калыптанган.

Улуттук банктын болжолдоолорундагы түптөлгөн жагдайды жана өбөлгөлөрдү эске алсак, өтүп жаткан жылдын акырында ИДӨдө оң ажырым орун алышы ыктымал.

**5.1.2-сүрөт. Көмүскө секторго баа берүүлөрдү эске албаганда, ИДӨ ажырымын болжолдоолор**


*(пайызы, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жыл башынан берки мезгил)*




МАЗМУНУ

**5.1.3-сүрөт. Көмүскө секторго баа берүүлөрдү эске алуу менен, ИДӨ ажырымын болжолдоолор**

*(пайызы, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жыл башынан берки мезгил)*




Улуттук банктын реалдуу сектор боюнча болжолдоолору мындан ары жаңы маалыматтардын жана күтүүлөрдүн келип чыгышына, түптөлүп жаткан экономиканын өнүгүү тенденцияларына жараша корректировкаланат.

**5.2. 2013-жылга инфляцияны болжолдоолор**

2013-жылы инфляция болжолдоосу мурдагы деңгээлде сакталып, бир маанилүү көрсөткүч чегинде күтүлүүдө. Мында инфляциянын учурдагы болжолдоосунда, 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында азык-түлүк товарлар тобуна баанын өсүшү жана 2013-жылдын экинчи жарым жылдыгында баалардын туруктуу динамикасы мурда күтүлгөндөн азыраак болоору каралган. Биздин региондо азык-түлүккө баанын турукташуусу өзгөчө, Россияда дан эгиндеринин тартыштыгы жагында оң жагдай орун алышы менен шартталган.

Азык-түлүк товарлар тобуна баанын күндөлүк динамикасы туруктуу сакталып, 2013-2014-маркетингдик жылдары (2013-жылдын июль айынан 2014-жылдын июнь айына чейин) республикада сыяктуу эле, негизги соода өнөктөш-өлкөлөрдө да негизги айыл чарба дан эгиндеринин жакшы түшүмдү күтүүнүн алкагында, ал төмөндөө тенденциясына ээ.


Азык-түлүк товарларына баанын өсүш арымы басаңдагандыгына карабастан, бул товарлар тобу боюнча инфляциялык фон жылдын акырына чейин орточо деңгээлде сакталат.



МАЗМУНУ

**5.2.1-сүрөт. Инфляциянын жылдык мааниси болжолдоолор**


*(пайызы, өткөн жылдын тиешелүү айына карата айлар)*




2013-жылдын экинчи чейрегинде инфляция 0,4 пайыз деңгээлинде түптөлгөн, бул Улуттук банк тарабынан болжолдонуп, «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндаманын» мурунку басылмасында жарыяланган деңгээлден төмөн болгон. Инфляциянын өсүш арымынын басаңдашынын негизги себебинен болуп, азык-түлүк товарларына баанын күтүлгөндөн бир кыйла төмөндөшү саналат.

**5.2.2-сүрөт. Инфляция боюнча болжолдоолорду жана фактыларды салыштыруу**

*(пайызы, өткөн жылдын тиешелүү айына карата айлар)*






МАЗМУНУ

# Статистикалык тиркеме

## **1-таблица.** Керектөө баа индекси

*(өткөн айга карата ай, пайыздар)*

| | 2012 | | | | | | | | | | | | 2013 | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | январь | февраль | март | апрель | май | июнь | июль | август | сентябрь | октябрь | ноябрь | декабрь | январь | февраль | март | апрель | май | июнь |
| **Керектөө бааларынын индекси** | **100,8** | **100,1** | **100,1** | **99,8** | **100,7** | **99,6** | **100,1** | **100,9** | **101,1** | **101,9** | **100,8** | **101,5** | **100,8** | **100,4** | **99,9** | **99,9** | **100,3** | **100,1** |
| Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар | 100,6 | 99,3 | 99,5 | 98,8 | 100,1 | 98,7 | 99,6 | 101,3 | 100,8 | 102,6 | 101,3 | 101,8 | 101,4 | 100,2 | 99,5 | 99,6 | 100,3 | 99,7 |
| Алкоголдук ичимдиктер, тамеки | 100,2 | 100,9 | 100,1 | 100,8 | 100,6 | 100,7 | 100,5 | 101,0 | 100,4 | 101,1 | 100,4 | 103,5 | 100,2 | 101,9 | 100,4 | 100,3 | 100,4 | 101,3 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 101,3 | 100,6 | 100,8 | 100,5 | 100,7 | 100,2 | 100,4 | 100,6 | 101,1 | 101,8 | 100,7 | 100,9 | 100,2 | 100,2 | 100,3 | 100,2 | 100,5 | 100,5 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100,7 | 100,6 | 100,2 | 100,6 | 102,6 | 100,2 | 100,8 | 100,4 | 102,2 | 100,6 | 100,1 | 100,8 | 100,5 | 100,3 | 100,6 | 100,2 | 100,1 | 100,2 |
| **Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар** | **100,6** | **99,3** | **99,5** | **98,8** | **100,1** | **98,7** | **99,6** | **101,3** | **100,8** | **102,6** | **101,3** | **101,8** | **101,4** | **100,2** | **99,5** | **99,6** | **100,3** | **99,7** |
| Нан азыктары жана таруу | 98,2 | 98,7 | 99,3 | 99,5 | 99,0 | 99,3 | 101,9 | 107,4 | 100,7 | 104,4 | 100,6 | 100,2 | 100,1 | 100,4 | 100,0 | 99,4 | 99,5 | 99,4 |
| Эт | 101,9 | 99,9 | 98,7 | 99,4 | 99,7 | 99,3 | 99,6 | 99,9 | 99,8 | 101,3 | 99,9 | 99,5 | 99,7 | 100,0 | 100,2 | 100,6 | 101,0 | 100,5 |
| Балык | 102,2 | 100,1 | 101,1 | 102,2 | 100,8 | 99,8 | 101,4 | 101,5 | 102,9 | 104,8 | 101,5 | 100,2 | 99,9 | 100,2 | 100,1 | 100,0 | 100,1 | 99,4 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 102,2 | 100,3 | 99,0 | 97,3 | 96,1 | 96,3 | 96,9 | 100,0 | 106,4 | 107,3 | 102,3 | 104,5 | 101,3 | 99,3 | 98,7 | 97,7 | 97,1 | 97,6 |
| Май жана тоң май | 100,0 | 99,4 | 99,6 | 99,0 | 99,0 | 99,7 | 99,8 | 100,1 | 101,1 | 101,2 | 99,9 | 100,4 | 100,1 | 99,7 | 100,0 | 99,4 | 99,9 | 100,0 |
| Жемиш менен жашылча | 103,4 | 98,5 | 101,3 | 94,6 | 102,9 | 95,6 | 95,3 | 91,6 | 102,8 | 102,6 | 108,6 | 112,5 | 107,8 | 100,3 | 97,1 | 99,1 | 101,5 | 99,7 |
| Кант, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 101,2 | 99,5 | 100,1 | 99,6 | 104,4 | 99,2 | 98,2 | 99,3 | 98,1 | 99,0 | 100,1 | 100,5 | 99,9 | 99,9 | 99,4 | 100,3 | 102,3 | 99,6 |
| Башка тамак-аш азыктары | 101,0 | 100,4 | 99,5 | 99,7 | 100,5 | 100,2 | 100,1 | 100,2 | 102,2 | 100,6 | 100,2 | 100,4 | 100,4 | 100,2 | 100,2 | 100,0 | 100,4 | 100,0 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 101,0 | 101,2 | 98,8 | 100,6 | 100,3 | 100,5 | 100,0 | 100,7 | 100,1 | 100,4 | 100,0 | 100,9 | 103,4 | 102,0 | 100,4 | 100,2 | 100,6 | 100,6 |
| **Алкоголдук ичимдиктер, тамеки** | **100,2** | **100,9** | **100,1** | **100,8** | **100,6** | **100,7** | **100,5** | **101,0** | **100,4** | **101,1** | **100,4** | **103,5** | **100,2** | **101,9** | **100,4** | **100,3** | **100,4** | **101,3** |
| Алкоголдук ичимдиктер | 100,1 | 101,2 | 100,0 | 100,9 | 100,5 | 100,2 | 100,2 | 101,3 | 100,5 | 101,4 | 100,5 | 104,8 | 100,0 | 102,4 | 100,2 | 100,1 | 100,5 | 101,6 |
| Тамеки | 100,6 | 99,9 | 100,5 | 100,4 | 100,9 | 101,9 | 101,1 | 100,1 | 100,1 | 100,1 | 100,1 | 100,1 | 100,8 | 100,2 | 101,1 | 100,9 | 100,0 | 100,0 |
| **Кийим-кече жана бут кийим** | **101,9** | **100,2** | **102,2** | **101,9** | **101,2** | **100,6** | **100,3** | **100,4** | **101,4** | **102,5** | **101,2** | **101,4** | **100,7** | **100,8** | **100,9** | **100,7** | **101,0** | **101,1** |
| **Турак жай тейлөөлөрү, суу, электр энергиясы жана отундун башка түрлөрү** | **101,2** | **100,6** | **99,2** | **98,9** | **100,1** | **99,6** | **101,0** | **100,8** | **100,3** | **102,1** | **100,5** | **100,6** | **99,5** | **99,1** | **99,4** | **100,0** | **100,2** | **100,2** |
| **Турмуш-тиричилик буюмдар, тиричилик техникасы** | **101,0** | **101,2** | **100,5** | **100,9** | **101,2** | **100,8** | **99,9** | **100,8** | **100,9** | **101,1** | **100,6** | **100,7** | **100,4** | **100,9** | **100,9** | **100,5** | **100,2** | **99,9** |
| **Саламаттыкты сактоо** | **101,5** | **101,4** | **100,5** | **100,7** | **101,1** | **99,4** | **102,8** | **100,4** | **101,2** | **99,7** | **100,3** | **100,3** | **103,5** | **100,5** | **100,2** | **101,0** | **100,6** | **101,7** |
| **Транспорт** | **99,4** | **100,3** | **99,9** | **100,0** | **105,5** | **100,2** | **101,1** | **101,0** | **99,9** | **100,2** | **100,3** | **100,2** | **100,0** | **100,4** | **100,3** | **99,5** | **99,8** | **99,9** |
| КММ | 99,4 | 98,3 | 99,9 | 100,4 | 100,2 | 99,1 | 100,3 | 101,2 | 100,1 | 102,1 | 101,4 | 99,9 | 99,2 | 99,5 | 99,5 | 98,9 | 97,6 | 99,2 |
| **Байланыш** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,2** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,9** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| **Эс алууну жана маданий иш-чараларды уюштуруу** | **100,4** | **101,1** | **101,2** | **101,2** | **98,7** | **100,1** | **100,4** | **101,8** | **101,4** | **100,5** | **100,2** | **100,9** | **100,3** | **101,3** | **100,2** | **99,9** | **100,1** | **100,0** |
| **Билим берүү** | **100,3** | **100,0** | **100,1** | **100,0** | **100,1** | **100,0** | **100,2** | **100,0** | **107,8** | **99,9** | **100,0** | **100,0** | **100,3** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| **Тойканалар жана мейманканалар** | **102,9** | **102,1** | **100,5** | **100,7** | **101,7** | **100,0** | **100,7** | **100,0** | **101,8** | **102,2** | **100,0** | **102,2** | **100,4** | **100,3** | **101,0** | **100,4** | **100,2** | **100,1** |
| **Ар түрдүү товарлар жана кызматтар** | **101,1** | **100,5** | **100,5** | **100,7** | **100,9** | **100,0** | **100,1** | **100,5** | **102,6** | **100,6** | **100,3** | **100,8** | **100,4** | **100,2** | **100,2** | **99,9** | **100,0** | **100,6** |

МАЗМУНУ

**2-таблица.** Керектөө баа индекси
*(өткөн жылдын тиешелүү айына карата ай, пайыздар)*

| | 2012 | | | | | | | | | | | | 2013 | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | январь | февраль | март | апрель | май | июнь | июль | август | сентябрь | октябрь | ноябрь | декабрь | январь | февраль | март | апрель | май | июнь |
| **Керектөө бааларынын индекси** | **103,8** | **102,4** | **100,2** | **99,6** | **100,6** | **99,6** | **100,0** | **102,2** | **104,4** | **106,9** | **107,0** | **107,6** | **107,6** | **107,9** | **107,8** | **107,9** | **107,5** | **108,1** |
| Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар | 99,3 | 95,8 | 91,8 | 90,4 | 91,5 | 89,8 | 91,0 | 94,8 | 98,5 | 102,6 | 103,5 | 104,4 | 105,2 | 106,1 | 106,0 | 106,9 | 107,1 | 108,1 |
| Алкоголдук ичимдиктер, тамеки | 109,8 | 110,6 | 109,8 | 110,6 | 110,5 | 110,3 | 109,0 | 109,3 | 109,0 | 109,0 | 107,9 | 110,6 | 110,5 | 111,7 | 112,0 | 111,4 | 111,1 | 111,8 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 110,0 | 110,3 | 110,4 | 110,1 | 110,7 | 109,9 | 109,4 | 109,1 | 110,0 | 111,7 | 110,9 | 109,9 | 108,8 | 108,4 | 107,9 | 107,6 | 107,3 | 107,7 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 109,5 | 110,6 | 109,9 | 110,1 | 111,7 | 111,7 | 110,4 | 110,7 | 110,0 | 109,9 | 109,5 | 110,1 | 109,9 | 109,6 | 110,0 | 109,6 | 106,9 | 106,9 |
| **Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар** | **99,3** | **95,8** | **91,8** | **90,4** | **91,5** | **89,8** | **91,0** | **94,8** | **98,5** | **102,6** | **103,5** | **104,4** | **105,2** | **106,1** | **106,0** | **106,9** | **107,1** | **108,1** |
| Нан азыктары жана таруу | 96,1 | 91,1 | 84,3 | 83,2 | 83,1 | 83,1 | 85,0 | 92,1 | 96,8 | 104,1 | 107,0 | 109,1 | 111,2 | 113,1 | 114,0 | 113,8 | 114,4 | 114,6 |
| Эт | 120,8 | 117,1 | 114,5 | 113,7 | 111,5 | 107,0 | 102,4 | 100,6 | 98,5 | 101,0 | 100,6 | 98,8 | 96,7 | 96,9 | 98,4 | 99,6 | 100,9 | 102,1 |
| Балык | 115,1 | 114,2 | 114,4 | 116,5 | 117,8 | 116,6 | 117,6 | 119,3 | 122,2 | 123,8 | 122,7 | 119,9 | 117,2 | 117,4 | 116,3 | 113,7 | 113,0 | 112,6 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 107,3 | 105,4 | 107,7 | 106,3 | 105,0 | 103,9 | 103,9 | 103,1 | 105,0 | 108,1 | 108,0 | 107,9 | 107,0 | 105,9 | 105,6 | 106,0 | 107,2 | 108,7 |
| Май жана тоң май | 105,0 | 104,2 | 101,2 | 98,9 | 97,1 | 97,4 | 96,9 | 97,0 | 98,0 | 98,9 | 99,0 | 99,1 | 99,3 | 99,6 | 99,9 | 100,2 | 101,2 | 101,5 |
| Жемиш менен жашылча | 76,0 | 73,4 | 70,7 | 68,0 | 74,6 | 70,2 | 78,2 | 89,7 | 103,9 | 104,1 | 103,6 | 108,1 | 112,6 | 114,7 | 109,9 | 115,1 | 113,7 | 118,5 |
| Кант, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 98,3 | 93,5 | 92,4 | 91,3 | 95,4 | 94,2 | 90,6 | 86,3 | 91,6 | 97,0 | 98,7 | 98,9 | 97,6 | 98,0 | 97,3 | 98,1 | 96,1 | 96,5 |
| Башка тамак-аш азыктары | 107,6 | 105,4 | 105,9 | 105,4 | 105,8 | 105,7 | 105,2 | 103,7 | 104,3 | 104,8 | 104,8 | 105,0 | 104,4 | 104,2 | 104,9 | 105,1 | 105,0 | 104,8 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 110,6 | 110,9 | 106,7 | 106,2 | 107,4 | 105,0 | 104,1 | 104,2 | 103,8 | 104,0 | 104,5 | 104,4 | 106,9 | 107,8 | 109,6 | 109,1 | 109,4 | 109,5 |
| **Алкоголдук ичимдиктер, тамеки** | **109,8** | **110,6** | **109,8** | **110,6** | **110,5** | **110,3** | **109,0** | **109,3** | **109,0** | **109,0** | **107,9** | **110,6** | **110,5** | **111,7** | **112,0** | **111,4** | **111,1** | **111,8** |
| Алкоголдук ичимдиктер | 108,8 | 110,1 | 109,9 | 111,0 | 110,7 | 110,2 | 108,0 | 108,8 | 108,3 | 108,8 | 108,5 | 112,3 | 112,2 | 113,5 | 113,7 | 112,8 | 112,7 | 114,3 |
| Тамеки | 112,3 | 112,0 | 109,4 | 109,5 | 110,0 | 110,9 | 111,4 | 110,7 | 110,5 | 109,3 | 106,5 | 105,9 | 106,1 | 106,4 | 107,1 | 107,6 | 106,6 | 104,6 |
| **Кийим-кече жана бут кийим** | **113,8** | **112,4** | **112,9** | **112,6** | **112,7** | **112,7** | **112,4** | **111,8** | **113,2** | **115,3** | **116,1** | **116,0** | **114,7** | **115,4** | **113,9** | **112,6** | **112,4** | **113,0** |
| **Турак жай тейлөөлөрү, суу, электр энергиясы жана отундун башка түрлөрү** | **103,3** | **104,6** | **104,7** | **104,8** | **106,9** | **106,0** | **106,8** | **107,5** | **107,2** | **110,4** | **108,0** | **105,2** | **103,4** | **101,8** | **102,0** | **103,1** | **103,2** | **103,7** |
| **Турмуш-тиричилик буюмдар, тиричилик техникасы** | **112,5** | **112,7** | **112,7** | **112,9** | **113,9** | **113,3** | **110,8** | **109,9** | **110,6** | **110,4** | **109,4** | **110,0** | **109,3** | **109,0** | **109,4** | **108,9** | **107,9** | **107,0** |
| **Саламаттыкты сактоо** | **112,0** | **112,0** | **111,7** | **112,1** | **112,6** | **111,2** | **113,4** | **111,6** | **111,9** | **110,3** | **110,4** | **109,7** | **111,9** | **110,9** | **110,6** | **110,9** | **110,4** | **112,9** |
| **Транспорт** | **103,4** | **106,9** | **106,6** | **106,2** | **109,5** | **108,6** | **108,0** | **108,9** | **108,0** | **109,5** | **108,1** | **108,1** | **108,7** | **108,9** | **109,3** | **108,8** | **102,9** | **102,6** |
| КММ | 99,0 | 110,4 | 111,1 | 110,3 | 106,3 | 103,7 | 100,8 | 100,0 | 100,3 | 103,0 | 103,7 | 102,2 | 101,9 | 103,2 | 102,8 | 101,3 | 98,5 | 98,6 |
| **Байланыш** | **103,1** | **103,1** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **101,1** | **101,1** | **101,1** | **101,1** |
| **Эс алууну жана маданий иш-чараларды уюштуруу** | **111,5** | **111,9** | **111,4** | **112,3** | **110,0** | **110,1** | **109,1** | **108,5** | **109,8** | **109,4** | **107,8** | **108,2** | **108,1** | **108,3** | **107,3** | **105,9** | **107,4** | **107,3** |
| **Билим берүү** | **116,0** | **114,9** | **114,9** | **114,9** | **114,8** | **114,8** | **112,1** | **112,2** | **111,8** | **108,5** | **108,6** | **108,4** | **108,5** | **108,5** | **108,4** | **108,4** | **108,3** | **108,3** |
| **Тойканалар жана мейманканалар** | **115,9** | **118,0** | **118,4** | **119,0** | **120,9** | **119,5** | **115,4** | **115,4** | **113,0** | **114,1** | **113,7** | **115,8** | **112,9** | **110,9** | **111,5** | **111,1** | **109,5** | **109,6** |
| **Ар түрдүү товарлар жана кызматтар** | **106,4** | **106,5** | **106,6** | **106,5** | **107,1** | **106,8** | **106,1** | **105,8** | **109,0** | **109,2** | **108,8** | **108,9** | **108,1** | **107,9** | **107,6** | **106,6** | **105,7** | **106,4** |

**3-таблица.** Баалардын жана импорттун физикалык көлөмүнүн 2013-жылдын январь-май айлары үчүн индекстери

| *Товардын аталышы* | *2013-ж. 5 айы млн.АКШ долл. n13*p13* | *2012-ж. 5 айы млн.АКШ долл. n13*p12* | *2012-ж. 5 айы млн.АКШ долл. n12*p12* | *Индекстер* баасы | физ. көлөмү | наркы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | A | B | C | A/B | B/C | A/C |
| Мунай, мунай заттары жана ушундай эле башка материалдар | 442,8 | 454,8 | 399,7 | 0,97 | 1,14 | 1,11 |
| Чоюн жана болот | 97,2 | 100,6 | 71,3 | 0,97 | 1,41 | 1,36 |
| Жүк ташуу үчүн автоунаалар жана атайын багытка каралган автоунаалар | 68,3 | 58,0 | 59,4 | 1,18 | 0,98 | 1,15 |
| Дары-дармектер (ветеринардык дарыларды кошо алганда) | 63,2 | 78,2 | 57,8 | 0,81 | 1,35 | 1,09 |
| Эфир майлары, резиноиддер жана парфюмдук заттар | 38,9 | 38,6 | 31,5 | 1,01 | 1,22 | 1,23 |
| Газ абалындагы жаратылыш газы | 38,3 | 36,9 | 38,4 | 1,04 | 0,96 | 1,00 |
| Тартылбаган дан өсүмдүктөрү (полбаны кошо алганда) жана угут | 36,9 | 19,9 | 30,5 | 1,86 | 0,65 | 1,21 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 34,2 | 21,8 | 25,7 | 1,57 | 0,85 | 1,33 |
| Жер семирткичтер | 32,8 | 34,9 | 34,3 | 0,94 | 1,02 | 0,96 |
| Кофе, чай, какао жана алар аралаштырып жасалган таттуу азыктар | 32,5 | 32,3 | 32,0 | 1,01 | 1,01 | 1,02 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 30,8 | 28,6 | 25,5 | 1,08 | 1,12 | 1,21 |
| Кант, кант жана бал кошулуп жасалган азыктар | 30,8 | 32,5 | 29,9 | 0,95 | 1,09 | 1,03 |
| Эт жана эт азыктары | 30,7 | 20,8 | 29,8 | 1,47 | 0,70 | 1,03 |
| Ийне жалбырактуу дарактын узатасынан кесилген жыгачтары | 26,6 | 25,5 | 16,0 | 1,04 | 1,59 | 1,66 |
| Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер | 26,3 | 15,5 | 24,8 | 1,70 | 0,63 | 1,06 |
| Өсүмдүк майлары жана тоң майлар, чийки заттар, рафинирленген жана фракционирленген | 25,6 | 24,3 | 23,2 | 1,05 | 1,05 | 1,10 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 25,5 | 19,6 | 20,0 | 1,30 | 0,98 | 1,28 |
| Башка категорияда камтылбаган тамак аш азыктары жана препараттар | 24,2 | 86,8 | 21,8 | 0,28 | 3,98 | 1,11 |
| Баштапкы формадагы пластмассалар | 23,5 | 24,5 | 25,7 | 0,96 | 0,95 | 0,92 |
| Буудай же угут уну, майда жана өтө майда эмес тартылган | 21,2 | 14,1 | 14,1 | 1,50 | 1,00 | 1,50 |
| Электр линиялык телефон же телеграф аппараттары | 20,3 | 32,1 | 30,7 | 0,63 | 1,04 | 0,66 |
| Таманы же сырты резинадан же синтетикалык материалдардан жасалган бут кийим | 20,1 | 15,6 | 17,1 | 1,29 | 0,91 | 1,18 |
| Жашылча-жемиштер | 18,6 | 17,6 | 14,7 | 1,05 | 1,20 | 1,27 |
| Баштапкы эмес формадагы пластмассалар | 18,2 | 22,0 | 13,1 | 0,83 | 1,67 | 1,38 |
| Дан азыктары, ундан же өсүмдүк жана жашылча крахмалынан жасалган азыктар | 17,0 | 18,3 | 13,9 | 0,93 | 1,32 | 1,23 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор өзү жүрүүчү сузгуч жүктөгүчтөр | 16,6 | 12,4 | 7,4 | 1,34 | 1,67 | 2,24 |
| Жеңил автоунаалар жана жүк ташууга багытталган транспорт каражаттары | 14,2 | 10,8 | 6,7 | 1,31 | 1,62 | 2,12 |
| Тапталган жыгач жана калыбына келтирилген жыгач | 13,5 | 17,2 | 14,4 | 0,78 | 1,19 | 0,93 |
| Кант кошулган минерал суулары жана алкоголсуз суусундуктар | 13,2 | 11,7 | 9,4 | 1,14 | 1,24 | 1,41 |
| Алкоголдук ичимдиктер | 13,0 | 11,7 | 11,8 | 1,12 | 0,99 | 1,10 |
| Башка категорияда камтылбаган баалуулукка жатпаган металлдардан жасалган буюмдар | 12,9 | 12,6 | 15,3 | 1,02 | 0,82 | 0,84 |
| Самолеттер жана башка учуучу аппараттар | 12,9 | 10,2 | 5,8 | 1,27 | 1,75 | 2,22 |
| Көмүр, кокс жана брикеттер | 12,0 | 12,0 | 14,1 | 1,00 | 0,85 | 0,85 |
| Тракторлор | 11,5 | 12,7 | 4,8 | 0,90 | 2,64 | 2,39 |
| Сырдоочу жана ийлөөчү заттар; боёочу зат | 11,4 | 13,6 | 9,3 | 0,84 | 1,46 | 1,22 |
| Таш, кум жана шагыл | 11,3 | 7,4 | 1,7 | 1,53 | 4,41 | 6,76 |
| Башка категорияларда камтылбаган электр бөлүштүргүч жабдуулар | 11,0 | 9,5 | 6,4 | 1,16 | 1,49 | 1,73 |
| Башка категорияда камтылбаган конструкциялар жана алардын элементтери | 10,9 | 9,7 | 6,7 | 1,13 | 1,44 | 1,62 |
| Транспорттук каражаттар үчүн ичтен күйүүчү поршендик кыймылдаткычтар | 10,2 | 3,6 | 2,0 | 2,80 | 1,80 | 5,03 |
| Кофталар, пуловерлер жана ушундай эле трикотаж же токулган кийим-кечелер | 9,9 | 7,8 | 4,6 | 1,26 | 1,71 | 2,16 |
| Маалыматтарды автоматтык түрдө иштеп чыгуучу машиналар жана алардын түйүндөрү | 8,5 | 7,9 | 6,6 | 1,08 | 1,19 | 1,29 |
| Сырдалган керамика плиткалары | 8,1 | 5,3 | 4,6 | 1,55 | 1,15 | 1,78 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджилер жана чолок шымдар | 7,8 | 6,1 | 7,3 | 1,27 | 0,84 | 1,07 |
| Идиш жуугучтар; толтуруу жана капкактарды тыгындоо үчүн машиналар; | 7,0 | 4,5 | 2,7 | 1,58 | 1,63 | 2,57 |
| Монетардык эмес алтын | 6,8 | 0,1 | 7,9 | 51,95 | 0,02 | 0,85 |
| Маргарин жана комбижир | 6,7 | 6,8 | 6,2 | 0,99 | 1,09 | 1,08 |
| Шагыл, таш, кендерди иргөө жана элөө, бөлүштүрүү үчүн машиналар | 6,5 | 6,7 | 5,4 | 0,97 | 1,23 | 1,20 |
| Темирден, болоттон жана жезден мыктар, гайкалар, чоң бурамалар ж.б.у.с. | 6,4 | 7,8 | 5,0 | 0,82 | 1,56 | 1,27 |
| Алюминий | 6,3 | 5,9 | 2,9 | 1,06 | 2,06 | 2,19 |
| Аялдар жана кыздар үчүн трикотаждан тигилген же токулган кийим-кечелер | 6,1 | 6,2 | 6,6 | 0,98 | 0,95 | 0,92 |
| Тиричилик муздаткычтар жана тоңдургучтар | 6,0 | 6,1 | 6,5 | 0,99 | 0,95 | 0,93 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджилер жана чолок шымдар | 6,0 | 4,3 | 3,9 | 1,38 | 1,12 | 1,54 |
| Полго төшөлмөлөр | 6,0 | 4,5 | 4,8 | 1,33 | 0,94 | 1,25 |
| Балык, рак сыяктуу моллюскалар, сууда жашоочу омурткасыз жандыктар | 5,9 | 5,9 | 5,8 | 1,00 | 1,03 | 1,03 |
| Медициналдык жана фармацевтикалык буюмдар | 5,7 | 7,1 | 5,2 | 0,80 | 1,36 | 1,09 |
| Май жана сырдан башка сүт, каймак жана сүт азыктары | 5,6 | 5,7 | 5,6 | 1,00 | 1,02 | 1,01 |
| Кол жана машина инструменти | 5,5 | 1,7 | 10,9 | 3,26 | 0,15 | 0,50 |
| Башка категорияда камтылбаган, кен болуп саналбагандардан буюмдар | 5,5 | 4,9 | 4,1 | 1,12 | 1,19 | 1,34 |
| Арматура жана бекитмелер | 5,5 | 6,9 | 2,1 | 0,79 | 3,24 | 2,56 |
| Жыгач-булалуу плита | 5,5 | 4,8 | 6,0 | 1,15 | 0,80 | 0,92 |
| Карапа буюмдары | 5,4 | 2,7 | 4,2 | 2,04 | 0,64 | 1,30 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ долл.)*** | **1 562,1** | **1 548,6** | **1 335,7** | **1,01** | **1,16** | **1,17** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)*** | ***72%*** | | ***69%*** | | | |
| ***Бардыгы болуп импорт*** | **2 167,4** | | **1 935,0** | | | |

УСКнын СИФ баасында маалыматтары боюнча, таблицада импорттун алгачкы ири 61 статьясы келтирилген

n - товар импортунун физикалык көлөмү

p - товардын эсептелген импорттук баасы

## **4-таблица.** Баалардын жана экспорттун физикалык көлөмүнүн 2013-жылдын январь-май айлары үчүн индекстери

| *Товардын аталышы* | *2013-ж. 5 айы* *млн.АКШ долл.* *n13*p13* | *2012-ж. 5 айы* *млн.АКШ долл.* *n13*p12* | *2012-ж. 5 айы* *млн.АКШ долл.* *n12*p12* | *Индекстер* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | *баасы* | *физ. көлөмү* | *наркы* |
| | A | B | C | A/B | B/C | A/C |
| Монетардык эмес алтын | 169,9 | 181,2 | 190,3 | 0,94 | 0,95 | 0,89 |
| Мунай, мунай заттары жана ушундай эле башка материалдар | 54,6 | 57,2 | 45,2 | 0,96 | 1,26 | 1,21 |
| Жашылча-жемиштер | 44,9 | 45,8 | 52,0 | 0,98 | 0,88 | 0,86 |
| Жүк ташуу үчүн жана атайын багытка каралган автоунаалар | 19,4 | 19,2 | 12,5 | 1,01 | 1,54 | 1,55 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 14,0 | 14,9 | 17,7 | 0,94 | 0,84 | 0,79 |
| Чоюн жана болот | 13,6 | 17,1 | 10,7 | 0,79 | 1,59 | 1,26 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 11,2 | 13,6 | 2,6 | 0,83 | 5,28 | 4,37 |
| Ысытуу лампалары | 8,7 | 9,0 | 7,5 | 0,97 | 1,19 | 1,16 |
| Көйнөктөр | 8,4 | 12,3 | 13,2 | 0,68 | 0,93 | 0,63 |
| Блузкалар, кофталар жана кофта-блузкалар | 7,5 | 10,6 | 10,6 | 0,71 | 1,00 | 0,71 |
| Пахта | 6,7 | 7,1 | 16,3 | 0,94 | 0,44 | 0,41 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджилер жана чолок шымдар | 6,6 | 9,6 | 8,3 | 0,69 | 1,15 | 0,79 |
| Портландцемент, цемент | 5,8 | 5,3 | 3,1 | 1,08 | 1,72 | 1,86 |
| Металлургияда колдонулуучу ар кандай баалуулукка жатпаган металлдар жана металлокерамика | 5,6 | 10,9 | 4,6 | 0,52 | 2,36 | 1,22 |
| Самолеттер жана башка учуучу аппараттар | 4,9 | 14,9 | 6,4 | 0,33 | 2,33 | 0,76 |
| Башка категорияларда камтылбаган, баалуулукка жатпаган түстүү металл сыныктары жана калдыктары | 4,9 | 6,2 | 4,5 | 0,78 | 1,38 | 1,07 |
| Тирүү жандыктар | 4,8 | 110,6 | 3,5 | 0,04 | 32,00 | 1,39 |
| Баалуу металлдар кендери жана концентраттар; калдыктар, кырындылар | 4,3 | 6,4 | 14,7 | 0,67 | 0,44 | 0,29 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 3,7 | 3,9 | 3,9 | 0,94 | 0,99 | 0,93 |
| Трикотаж же токулган байпактар | 3,6 | 5,2 | 4,5 | 0,70 | 1,15 | 0,81 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор өзү жүрүүчү сузгуч жүктөгүчтөр | 3,3 | 0,7 | 0,3 | 4,92 | 2,63 | 12,91 |
| Жеңил автоунаалар жана жүргүнчүлөрдү ташууга багытталган транспорт каражаттары | 3,2 | 3,2 | 2,8 | 1,01 | 1,15 | 1,16 |
| Аялдар жана кыздар үчүн трикотаждан тигилген же токулган кийим-кечелер | 3,2 | 4,7 | 7,5 | 0,68 | 0,62 | 0,42 |
| Эт жана эт азыктары | 3,0 | 2,2 | 1,8 | 1,40 | 1,22 | 1,70 |
| Тракторлору | 2,9 | 2,8 | 1,1 | 1,03 | 2,53 | 2,61 |
| Башка категорияда камтылбаган тамак аш азыктары жана препараттар | 2,9 | 7,5 | 2,2 | 0,38 | 3,48 | 1,33 |
| Темир жолдору же трамвай жолдору үчүн арматуралар жана бекиткичтер | 2,7 | 2,7 | 1,5 | 0,99 | 1,81 | 1,79 |
| Металл сыныктары жана кара металлургия калдыктары | 2,6 | 2,9 | 2,9 | 0,90 | 0,98 | 0,89 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджилер жана чолок шымдар | 2,3 | 3,3 | 3,7 | 0,70 | 0,89 | 0,62 |
| Юбкалар жана юбка-шымдар | 2,3 | 3,1 | 5,1 | 0,74 | 0,61 | 0,45 |
| Жер семирткичтер | 2,1 | 2,8 | 1,4 | 0,75 | 2,01 | 1,52 |
| Ири мүйүздүү мал терилери жана иштетилбеген булгаары | 2,0 | 2,7 | 3,1 | 0,75 | 0,89 | 0,66 |
| Башка категорияда камтылбаган, кен болуп саналбагандардан буюмдар | 2,0 | 2,1 | 2,5 | 0,94 | 0,86 | 0,81 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ долл.)*** | **437,4** | **601,6** | **467,9** | **0,73** | **1,29** | **0,93** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы экспорттон %)*** | ***81%*** | | ***80%*** | | | |
| ***Бардыгы болуп экспорт*** | **540,0** | | **586,2** | | | |

УСКнын ФОБ баасында кошумча эсептөөлөрдү эске алуусуз маалыматтары боюнча, таблицада экспорттун алгачкы ири 33 статьясы келтирилген

n - товар экспортунун физикалык көлөмү

p - товардын эсептелген экспорттук баасы

# Глоссарий

**Базалык инфляция** – бул, баанын кыска мөөнөттүү, түзүмдүк жана сезондук өзгөрүүлөрүн эске албаган инфляция. Башкача айтканда, инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн (начар түшүмдүн алынышы, КММ рыногунда баанын кескин өзгөрүүсү, газ, электр энергиясына ж.б. тарифтердин административдик өзгөртүлүшү сыяктуу) сезондук же тышкы факторлор менен шартталган, товарларга баанын өсүшү алынып салынат.

Улуттук банк базалык инфляция динамикасын жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептейт. Бул ыкма, КБИден аларга белгиленген баа ар кандай таасирлерге өтө эле ийкемдүү болгон товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым категорияларын же бүтүндөй тобун алып салууну түшүндүрөт. Адатта, мындай товарларга айрым азык-түлүк товарлары, энергопродукциялары жана Өкмөт тарабынан административдик жол менен белгиленген тарифтер кирет.

2010-жылдын апрель айынан тартып Улуттук статистика комитети базалык инфляцияны жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептей баштаган (2010-жылдын 29-апрелдинде кабыл алынган №9 ыкмага ылайык). Эсептөөдө, сүт, кант, мөмө-жемиш жана алкоголдук ичимдик, тамеки продукциясынын айрым бир түрлөрү, КММ, «электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспортунун, байланыштын кызмат көрсөтүүлөрү жана башкалар эске алынбайт. Бүтүндөй алганда, эске алынбаган товарлардын үлүшү жалпы керектөө куржунунун 25 пайызын түзөт.

**Мамлекеттик казына векселдери –** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кыска мөөнөттүү (3, 6 жана 12 айлык) дисконттук мамлекеттик баалуу кагаздары. Финансы министрлиги МКВлардын эмитенти болуп саналат. МКВларды жайгаштыруу Улуттук банк тарабынан өткөрүлгөн аукциондор аркылуу жума сайын ишке ашырылат. Аукциондорго катышуу укугуна тике катышуучулар ээ (Улуттук банк менен келишим түзүшкөн алгачкы дилерлер, финансы-кредиттик мекемелер). Юридикалык сыяктуу эле, жеке адамдар да Кыргыз Республикасынын МКВларынын ээси боло алышат. Чет өлкө инвесторлорунун МКВлар рыногуна кирүү мүмкүнчүлүгү чектелген эмес. МКВлардын экинчилик рыногундагы бүтүмдөр Улуттук банктын электрондук соода системасы аркылуу жүзөгө ашырылат, ал алгачкы дилерлерге жана алардын кардарларына МКВларды өз жумуш орундарынан сатып алуу/сатуу боюнча операцияларды ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет.

**Мамлекеттик казына облигациялары –** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн пайыздык кирешеси (купон) жана жүгүртүү мөөнөтү 1 жылдан жогору болгон узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздар. Финансы министрлиги МКОнун эмитенти болуп саналат. Улуттук банк, МКОнун чыгарылыштарын тейлөө боюнча Генералдык агенттик болуп саналат.

**Акча базасы** – Улуттук банктын жүгүртүүгө чыгарылган нак акчалар боюнча милдеттенмеси жана Улуттук банктын башка депозиттик корпорациялар алдындагы Кыргыз Республикасынын улуттук валютасындагы милдеттенмеси.

**Акча топтому** – ликвиддүүлүк деңгээли боюнча классификацияланган акча массасы: М0; М1; М2; М2Х.

**М0** – банктардан тышкаркы акча.
**М1** – М0 + улуттук валютадагы талап боюнча төлөнүүчү депозиттер.
**М2** – М1 + улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер.
**М2Х** – М2 + чөт өлкө валютасындагы депозиттер.

**Жүгүртүүдөгү акча** – Улуттук банктын кассасындагы нак акчаларды эсептеп алып салуу менен Улуттук банк тарабынан жүгүртүүдө чыгарылган акча.

**Ички дүң продукциянын дефлятору-** бул, экономикадагы баалардын өсүшүнүн эсебинен ИДӨдөгү өзгөрүүлөрдү мүнөздөгөн экономика тармактарындагы баалардын жыйынтыкталган индекси. ИДӨ дефлятору өтүп жаткан жылдын баасындагы номиналдык ИДӨнүн өткөн жылдын баасындагы ИДӨнүн өлчөмүнө карата катышы катары эсептелинет.

**Башка депозиттик корпорациялар** – борбордук банктан башка, бардык финансы-корпорциялар-резиденттер, финансылык ортомчулук алардын ишинин негизги түрү болуп саналат жана алар кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын (М2Х) улуттук аныктамасына камтылган милдеттерди эмитирлешет.

**Башка резидент-секторлор** – аларда бардык үй чарбалар жана аларды тейлеген коммерциялык эмес уюмдар камтылат.

**Башка финансылык корпорациялар** – институционалдык бирдиктер, алар М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы улуттук аныктамасына кирген милдеттенмелерди эмитирлебейт (мисалы аларга банктык эмес финансы-кредит мекемелери кирет).

**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси -** жергиликтүү өндүрүүчүлөр тарабынан өз продукцияларына алынган сатуу баасындагы орточо өзгөрүүлөрдү өлчөйт**.** Керектөө баасынын индексинин (КБИ) эсептөөлөрүндө колдонулган маалыматтар экономиканын өндүрүш секторунун дээрлик ар бир тармагынын ишин чагылдырган 148 ишканадан алынат. Бул ишканалардын тизмесинде тиешелүү регионго мүнөздүү болгон жана менчик формасынан көз карандысыз ошол өнөр-жай тармагы үчүн типтүү болгон ишканалар камтылат.

**Инфляция** экономикада керектөө баасынын жалпы деңгээлинин жогорулоосун түшүндүрөт. Инфляция деңгээлине сандык баа берүү үчүн КБИ колдонулат. КБИ калайык-калк өндүрүштүк эмес керектөө үчүн сатып алган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баа деңгээлинин өзгөрүүсүн чагылдырат. Индексти эсептөөдө тандалып алынган 342 товардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сатып алуу баасы колдонулат, тандалып алынгандар 7 шаардык жана 2 райондук борборлордогу соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн 1496 ишканаларына айына 45 миң баага чейинкини түзөт.

**«Овернайт» кредити** улуттук валютада күрөөлүк камсыздоо алдында банктын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн бир күнгө берилет. Күрөөлүк камсыздоо катары Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аркылуу жайгаштырылган, «овернайт» кредити берилген күндөн тартып 12 айга чейинки төлөө мөөнөтүнө ээ, мамлекеттик баалуу кагаздар кабыл алынат. Алар боюнча пайыздык чен Улуттук банктын эсептик ченинен 1,2 өлчөмүндө белгиленет. Бул кредит коммерциялык банктын демилгеси боюнча берилип турат.

**Кайра каржылоо кредити** – бул Улуттук банк тарабынан кайра каржылоо жана ликвиддүүлүктү колдоо максаттары үчүн кредиттик аукцион өткөрүү аркылуу банктарга улуттук валютада сунушталган кредиттик ресурстар/акча каражаттары. Кайра каржылоо кредити банктарга мөөнөттүүлүк (1 айдан 6 айга чейин), төлөөгө жөндөмдүүлүк жана кайтарымдуулук шарттарында, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздары түрүндөгү күрөөлүк камсыздоо алдында белгиленген пайыздык чен боюнча сунушталат. Сунуштоо шарттары жана кредиттик каражаттардын көлөмү Улуттук банктын Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин чечими менен аныкталат.

**Финансылык эмес активдер** экономикалык активдердин төмөнкү категорияларын өзүндө камтыйт: негизги фондулар, материалдык жүгүртүү каражаттарынын запастары, баалуулуктар жана өндүрүлбөгөн активдер (табигый жана материалдык эмес).

**Финансылык эмес корпорациялар** – товарларды өндүрүү жана финансылык эмес кызматтарды көрсөтүү менен алектенген жана экономиканын финансы секторуна кирбеген корпорациялар.

**Ноталар** – бул, Улуттук банк тарабынан 7, 14, 28, 91 жана 182 күндүк мөөнөткө жумалык аукциондордо жүгүртүүгө чыгарылган мамлекеттик кыска мөөнөттүү баалуу кагаздар. Алардын кирешелүүлүгү коммерциялык банктардын талабы жана сунушуна жараша аныкталат. Банк тутумунан улуттук валютадагы ликвиддүүлүктү алып салуу, ноталардын аукциондорун өткөрүүнүн максаты болуп саналат.

**Улуттук банктын репо операциялары** - бул, мамлекеттик баалуу кагаздарды келечекте белгиленген күнү жана алдын ала макулдашылган баада аларды кайтара сатуу/сатып алуу милдеттенмеси менен сатып алуу (тике репо)/ сатуу (кайтарым репо) операциясы.

**Өндүрүштүк ажырым (же ИДӨ ажырымы) -** бул, ИДӨнүн потенциалдуу мүмкүн болуучу жана айкын көлөмүнүн ортосундагы айырма. Өндүрүштөгү ажырым экономиканы активдештирүү жана стагнациялоо индикатору болушу мүмкүн. Эгерде айкын ИДӨ потенциалдуудан аз болсо ($Y<Y^*$), экономикада «рецессия ажырымы» түптөлгөн деп эсептөө кабыл алынган, ал дефляциялык процесстер болушунун ыктымалдуулугун көрсөтөт. Жана тескерисинче, эгерде айкын ИДӨ потенциалдуудан чоң болгон ($Y>Y^*$) шартта, чогуу алгандагы суроо-талаптын өсүшү чогуу алгандагы сунуштун өсүшүнөн артат, бул инфляциялык басымдын күчөшүнө түрткү берет.

ИДӨ ажырымы айкын жана потенциалдуу ИДӨ катышы катары эсептелинет:

$$GAP_t = \frac{GDP_t}{GDP_POT} - 1$$, мында:

$GAP_t$ - t мезгилинде ИДӨ ажырымы;

$GDP_t$ - t мезгилинде айкын ИДӨ;

$GDP_POT$ - потенциалдуу ИДӨ.

**Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашалары** – бул, финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларды кошпогондо, мамлекеттик башкаруу секторунун активдеринин таза наркынын азайышына алып келген бардык операциялар.

**Своп-операциялары** – бул, улуттук валютадагы акча каражаттарын чет өлкө валютасындагы эквиваленттүү суммага алмашуу, же тескерисинче алдын ала макулдашылган шарттарда негизги суммаларды жана чегерилген пайыздарды кайтара алмашуу милдеттенмеси менен ишке ашырылган операциялар.

**Калайык-калктын акчалай кирешелеринин квинтилдик топтор боюнча түзүмү** калктын кирешелеринин өлчөмү боюнча, алардын ар бири калктын 20 пайызынан турган 5 (квинтилдик) топтор боюнча дифференциацияланышын чагылдырат. Калктын кирешелерин дифференциациялоону аныктоонун мындай ыкмасы, калктын жалпы санын мисалы, коомдун жалпы кирешесин кирешеси көбүрөөк же аз кирешелүү топторго кирген калктын үлүшүнө бөлө алгандай негизде беш бирдей топко бөлүүнү болжолдойт.

**Эсептик чен** – бул, экономикадагы акча ресурстарынын наркын аныктоодо негизги багыт берүүчү катары колдонулган инструмент. Эсептик чендин өлчөмү Улуттук банктын 28 күндүк ноталарынын аларды жайгаштыруу боюнча акыркы өткөрүлгөн 4 аукционунда калыптанган кирешелүүлүгүнүн орточолонгон маанисине теңештирилген.

**GSCI-ag** (Goldman Sachs Commodity Index-agricultural) – физикалык азык-түлүк (айыл чарба) товарларына жигердүү сатылуучу фьючерстик контракттардын баа индекси - «Goldman Sachs» инвестициялык банкы тарабынан бул биржалык товарларды топ катары сунуштоо үчүн иштелип чыккан.

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеги

| | |
|---|---|
| ИДӨ | Ички дүң өнүм |
| МКВ | Мамлекеттик казына векселдери |
| МКВ (ж) | Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казына векселдери |
| МКО | Мамлекеттик казына облигациялары |
| МИ | Мамлекеттик ишкана |
| КММ | Күйүүчү-майлоочу материалдар |
| МБК | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы комитети |
| КБИ | Керектөө бааларынын индекси |
| ӨБИ | Өндүрүүчүлөрдүн баа индекси |
| КДКР | Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| АЧМ | Айыл чарба министрлиги |
| МЖ | Маркетингдик жыл |
| КРУБ | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| ҮЧТКУ | Үй чарбасын тейлеген коммерциялык эмес уюмдар |
| УСК | Улуттук статистика комитети |
| БФКМ | Банктык эмес финансы-кредиттик мекеме |
| ЖЧК | Жоопкерчилиги чектелген коом |
| СИФ | Имортердун чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| КМШ | Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги |
| АКШ | Америка Кошмо Штаттары |
| ФОБ | Экспортер өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |
| FAO (ФАО) | Food and Agricultural Organisation of the United Nations |
| GSCI-ag | Goldman Sachs Commodity Index-agricultural |